# ОБЗОРДУК ТЕКШЕРҮҮЛӨРДҮН ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТЫ 2410

# ИШКАНАНЫН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРУ ТАРАБЫНАН АТКАРЫЛУУЧУ АРАЛЫК ФИНАНСЫЛЫК МААЛЫМАТТЫ ОБЗОРДУК ТЕКШЕРҮҮ

(2006-жылдын 15-декабрынан тартып же ушул күндөн кийин башталуучу мезгилдер үчүн аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүгө карата күчүнө кирет)

## МАЗМУНУ

Пункт


Киришүү ........ 1–3

Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнүн жалпы принциптери........ 4–6

Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү боюнча тапшырманын максаты........ 7–9

Тапшырманын шарттарын макулдашуу ........ 10–11

Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү жол-жоболору.... 12–29

Бурмалоолорду баалоо ........ 30–33

Жетекчиликтин билдирүүсү........ 34–35

Тиркелген маалымат боюнча аудитордун жоопкерчилиги ........ 36–37

Маалымдоо ........ 38–42

Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнүн мүнөзү, көлөмү жана натыйжалары жөнүндө корутундуну чыгаруу ........ 43–63

Документация ........ 64

Күчүнө кирүү күнү........ 65

1-тиркеме: Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнү жүргүзүү үчүн тапшырма боюнча каттын мисалы

2-тиркеме: Аралык финансылык маалыматты текшерүүдөгү аудитор эске ала турган талдоо жол-жоболору

3-тиркеме: Жетекчиликтин билдирүү катынын мисалы

4-тиркеме: Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча корутундулардын мисалдары

5-тиркеме: Финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясынан четтөө менен байланыштуу коюлган шарты бар тыянакты камтыган обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундулардын мисалдары

6-тиркеме: Белгисиз жетекчилик тарабынан көлөмдүн чектелишине байланыштуу коюлган шарты бар тыянакты камтыган обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундулардын мисалдары

7-тиркеме: Финансылык отчеттуулукту даярдоодо колдонулуучу концепциясынын негизинен четтөө үчүн терс корутундусу бар обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундулардын мисалдары

---

Обзордук текшерүүлөрдүн эл аралык стандартын (ОТЭС) 2410 «*Ишкананын көз карандысыз аудитору тарабынан аткарылуучу аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнү» "Сапатты контролдоонун, аудиттин, обзордук текшерүүлөрдүн, ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмалардын жана коштоочу кызмат көрсөтүүлөр боюнча тапшырмалардын эл аралык стандарттарынын жыйнагынын баш сөзү"* менен бирге кароо керек

ISRE

## Киришүү

1. Ушул Обзордук текшерүүлөрдүн эл аралык стандартынын (ОТЭС) максаты – аудиттелүүчү ишкананын аралык финансылык маалыматын обзордук текшерүүнү жүргүзүү боюнча тапшырманы аткарууда аудитордун кесипкөй милдеттерине, ошондой эле корутундунун формасына жана мазмунуна карата стандарттарды белгилөө жана көрсөтмөлөрдү берүү. «Аудитор» термини ушул стандартта аудитор аудиттин функциясын аткаргандыгына байланыштуу эмес, ушул стандартты колдонуу чөйрөсү ишкананын финансылык отчеттуулугуна аудит жүргүзүүчү көз карандысыз аудитор тарабынан аткарылуучу аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү менен чектелгендигине байланыштуу колдонулат.
2. Ушул стандарттын максаттары үчүн «аралык финансылык маалымат» - бул финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык даярдалган жана берилген финансылык маалымат[1], ал өзүнө ишкананын финансылык жылына салыштырмалуу кыйла кыска мезгил үчүн финансылык отчеттуулуктун толук же кыскартылган топтомун камтыйт.
3. **Аралык финансылык маалыматты баяндоо боюнча тапшырманы аткаруу үчүн тартылган аудитор ушул стандартка ылайык обзордук текшерүү жүргүзүшү керек.** Жылдык финансылык отчеттуулукка аудит жүргүзүү менен аудитор ишкананы жана анын чөйрөсүн, анын ичинде ички контролдоо системасын түшүнөт. Аудитор аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү жүргүзүүгө тартылган учурда ушундай изилдеп чыгуунун натыйжасында алынган түшүнүк обзордук текшерүү жүргүзүү процессинде суроо-талаптарды жөнөтүү аркылуу толукталат жана ага максаттуу багытталган суроо-талаптарды түзүүгө жана аткаруу зарыл болгон талдоо жана башка обзордук жол-жоболорду аныктоого жардам берет. Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү жүргүзүү үчүн тартылган жана ишкананын аудитору болуп саналбаган практикалык адис *«Өткөн мезгилдердеги финансылык отчеттуулукту обзордук текшерүү боюнча тапшырмалар»* ОТЭС 2400гө (кайра каралган) ылайык текшерүү жүргүзөт. Практикалык адис ишкананы жана анын чөйрөсүн, анын ичинде ички контролдоо системасын ушул ишкананын аудитору билгендей билбесе, практикалык адисте башка суроо-талаптарды жөнөтүү жана обзордук текшерүүнүн тапшырмаларын аткаруу үчүн башка жол-жоболорду аткаруу зарылдыгы келип чыгат.

---

[1] Мисалы, Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары боюнча кеңеш тарабынан чыгарылган Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары

3а. Бул стандарт ишкананын аудитору тарабынан аткарылуучу аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү жүргүзүүнү жөнгө салат. Мында ал ошондой эле ишкананын аудитору аудиттелүүчү ишкананын аралык финансылык маалыматынан айырмаланган өткөн мезгилдердин финансылык маалыматын обзордук текшерүү боюнча тапшырмаларды аткарууга тартылган учурларда колдонулат (жагдайларга шайкеш келген түзөтүүлөр менен). *

## Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнүн жалпы принциптери

4. **Аудитор ишкананын жылдык финансылык отчеттуулугунун аудитине колдонулуучу этикалык талаптарды сакташы керек.** Бул этикалык талаптар төмөнкү чөйрөлөрдө аудитордун кесипкөй милдеттерин аныктайт: көз карандысыздык, ак ниеттүүлүк, объективдүүлүк, кесипкөй компетенттүүлүк жана тиешелүү кылдаттык, купуялуулук, кесипкөйлүк жана техникалык стандарттар.

5. **Аудитор өзүнчө тапшырмага колдонулуучу сапатты контролдоонун жол-жоболорун аткарышы керек.** Өзүнчө тапшырмага тиешелүү сапатты контролдоонун элементтери тапшырманы аткаруу сапаты үчүн жетекчиликтин жоопкерчилигин, этикалык талаптарды, кардарларды кабыл алуу жана алар менен мамилелерди улантуу жана конкреттүү тапшырмалар маселелерин, аудтордук топтун мүчөлөрүн дайындоону, тапшырманы аткарууну жана мониторинг жүргүзүүнү камтыйт.

6. Аудитор финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясынын бардык олуттуу аспекттеринде шайкештикти камсыз кылуу үчүн аралык финансылык маалыматты олуттуу түзөтүү зарылдыгына алып келүүчү жагдайлардын болуу мүмкүндүгүн таанып, кесипкөй скептицизмди колдонуу менен пландаштырып жана обзордук текшерүү жүргүзүшү керек. Кесипкөй скептицизмди колдонуу аудитор алынган далилдердин тууралыгына шек коюу менен кыйчалыштуу баалоо жүргүзүп жана карама-каршы келген же документтердин же ишкананын жетекчилигинин билдирүүлөрүнүн аныктыгы боюнча суроо жараткан далилдерге абдан кылдаттык менен мамиле кылаарын билдирет.

ISRE

* 3а-пункту жана 4-шилтеме колдонуу тартибин тактоо үчүн 2007-жылдын декабрында ушул стандартка киргизилген.

### Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү боюнча тапшырманын максаты

7. Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү боюнча тапшырманын максаты – аудиторго жүргүзүлгөн обзордук текшерүүнүн негизинде ал аралык финансылык маалымат финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык бардык олуттуу мамилелерде даярдалган эмес деп эсептеши үчүн негиз болушу мүмкүн болгон кандайдыр бир фактыларды аныктагандыгы же аныктабагандыгы тууралуу тыянакты түзүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу. Аудитор аралык финансылык маалымат олуттуу бурмалоолорду камтый тургандыгы жөнүндө туура эмес тыянак тобокелдигин орто деңгээлге чейин түшүрүү үчүн суроо-талаптарды жөнөтөт жана обзордук текшерүүнүн талдоо жана башка жол-жоболорун аткарат.

8. Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнүн максаты Аудиттин эл аралык стандарттарына (АЭС) ылайык өткөрүлүүчү аудиттин максатынан кыйла айырмаланат. Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү финансылык маалымат финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык бардык олуттуу мамилелерде туура жана ишенимдүү түшүнүктү же туура чагылдырууну берээри же бербей тургандыгы тууралуу пикирди жаратуу үчүн негиз болуп саналбайт.

9. Аудиттен айырмаланып обзордук текшерүү аралык финансылык маалымат олуттуу бурмалоолорду камтыбай тургандыгына акылга сыярлык ишенимди алууга багытталган эмес. Обзордук текшерүү өзүнө биринчи кезекте финансылык маселелерге жана бухгалтердик эсеп маселелерине жооптуу жактарга суроо-талаптарды жөнөтүүнү, ошондой эле обзордук текшерүүнүн талдоо жана башка жол-жоболорун колдонууну камтыйт. Обзордук текшерүү процессинде аралык финансылык маалыматка таасирин тийгизүүчү жана аудитордун көңүл буруусун талап кылуучу маанилүү маселелер аныкталышы мүмкүн, бирок бул текшерүү аудитти жүргүзүүдө зарыл болуучу бардык далилдерди алууну камсыз кылбайт.

## Тапшырманын шарттарын макулдашуу

10. **Аудитор жана кардар тапшырманын шарттарын макулдашып алышы керек.**

1. 11. Тапшырманын макулдашылган шарттары, эреже катары, тапшырманын шарттары жөнүндө макулдашуу-катта чагылдырылат. Мындай маалымат тапшырманын мүнөзүн жана айрыкча обзордук текшерүүнүн максаттарын жана көлөмүн, жетекчиликтин милдеттерин, аудитордун жоопкерчилигинин чөйрөсүн, алынган ишенимди, ошондой эле корутундунун мүнөзүн жана формасын туура эмес чечмелөөнү

болтурбоого жардам берет. Бул документтеги маалымат адатта төмөнкү маселелерди камтыйт:

- аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнүн максаты;
- обзордук текшерүүнүн көлөмү;
- аралык финансылык маалыматты даярдоо үчүн жетекчиликтин жоопкерчилиги;
- аралык финансылык маалыматты даярдоо процессине тиешелүү ички контролдоонун эффективдүү системасын түзүү жана аны жумушчу абалда кармап туруу үчүн жетекчиликтин жоопкерчилиги;
- аудиторго бүткүл финансылык документацияны жана тиешелүү маалыматты берүү үчүн жетекчиликтин жоопкерчилиги;.
- обзордук текшерүү убагында жасалган оозеки билдирүүлөрдү, ошондой эле ишкананын бухгалтердик жазууларында кыйыр формада камтылган билдирүүлөрдү ырастоочу жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү аудиторго берүүгө жетекчиликтин макулдугу;
- берилүүчү корутундунун болжолдонгон формасы жана мазмуну, анын ичинде корутунду даректелүүчүнүн аталышы;
- аралык финансылык маалыматты камтыган кандайдыр бир документ ишкананын аудитору тарабынан ушул аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү жүргүзүлгөндүгүн көрсөтүп тургандыгына жетекчиликтин макулдугу, обзордук текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча корутунду да ушул документке киргизилиши керек.

Тапшырма боюнча каттын мисалы ушул стандартка карата 1-тиркемеде келтирилген. Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнү жүргүзүү боюнча тапшырманын шарттары жылдык финансылык отчеттуулукка аудит боюнча тапшырманын шарттары менен бириктирилиши мүмкүн.

## Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү жол-жоболору

### Ишкананы жана анын чөйрөсүн, анын ичинде ички контролдоо системасын изилдеп чыгуу

12. **Аудитор ишкананы жана анын чөйрөсүн, анын ичинде жылдык да, аралык да финансылык маалыматты даярдоо процессине тиешелүү ички контролдоо системасын төмөнкүлөргө мүмкүнчүлүк алуу максатында тапшырманы пландаштыруу жана аткаруу үчүн жетиштүү деңгээлде изилдеп чыгышы керек:**

    (a) **мүмкүн болгон олуттуу бурмалоолордун түрлөрүн аныктоо жана алардын келип чыгуу мүмкүндүгүн изилдөө;**

ISRE

(b) **аралык финансылык маалымат финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык бардык олуттуу мамилелерде даярдалбагандыгы тууралуу аудитордун тыянагы үчүн негиз болушу мүмкүн болгон кандайдыр бир фактылар аудитор тарабынан аныкталгандыгы же аныкталбагандыгы жөнүндө тыянак үчүн негиз түзүүчү обзордук текшерүүнүн талдоо жана башка жол-жоболорун, зарыл суроо-талаптарды тандоо.**

13. АЭС 315 (кайра каралган) *«Ишкананы жана анын чөйрөсүн изилдөө аркылуу олуттуу бурмалоонун тобокелдиктерин табуу жана баалоонун»* талаптарына ылайык бир же бир нече жылдык мезгилдер үчүн ишкананын финансылык отчеттуулугуна аудит жүргүзгөн аудитор жылдык финансылык маалыматты даярдоого тиешелүү ички контролдоо системасын кошо алганда, ишкананы жана анын чөйрөсүн аудитти жүргүзүү үчүн жетиштүү деңгээлде изилдеп чыкты. Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнү пландаштырууда аудитор алган түшүнүктүн натыйжасын тактайт. Аудитор ошондой эле аралык финансылык маалыматты даярдоого тиешелүү ички контролдоо системасын жетиштүү түрдө түшүнүүнү алат, анткени ал жылдык финансылык маалыматты даярдоого тиешелүү ички контролдоо системасынан айырмаланышы мүмкүн.

14. Аудитор кандай суроо-талаптарды жөнөтүү керектигин жана обзордук текшерүүнүн кандай талдоо жана башка жол-жоболорун колдонуу зарылдыгын аныктоо, ошондой эле суроо-талаптар жөнөтүлүшү же обзордук текшерүүнүн талдоо жана башка жол-жоболору колдонулушу мүмкүн болгон конкреттүү окуяларды, операцияларды же негиздерди аныктоо үчүн ички контролдоо системасын кошо алганда, ишкананы жана анын чөйрөсүн түшүнүүнү колдонот.

15. Ички контролдоо системасын кошо алганда, ишкананы жана анын чөйрөсүн өзүнүн түшүнүүсүн тактоо үчүн аудитор тарабынан аткарылган жол-жоболор адатта төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Аудитор учурдагы мезгилдин аралык финансылык маалыматына таасирин тийгизиши мүмкүн болгон маселелерди аныктай алышы үчүн өткөн жылдын аудитинин жана учурдагы жылдын мурдагы аралык мезгилинин (мурдагы аралык мезгилдердин) жана мурдагы жылдын тиешелүү аралык мезгилинин (тиешелүү аралык мезгилдердин) обзордук текшерүүлөрүнүн документациясы менен зарыл көлөмдө таанышып чыгуу;
- Мурдагы жылдын финансылык отчеттуулугунун аудитинде аныкталган контролдоо системасынан тышкары жетекчиликтин иш-аракеттеринин тобокелдигин кошо алганда, маанилүү тобокелдиктерди карап чыгуу;

- Салыштырылуучу мурдагы мезгил үчүн акыркы жылдык жана аралык финансылык маалымат менен таанышуу;
- Аралык финансылык маалымат менен байланышкан финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын эске алуу менен олуттуулукту карап чыгуу, бул аткарылууга тийиш жол-жоболордун мүнөзүн жана көлөмүн аныктоого жардам берет жана бурмалоолордун таасирин баалоо;
- Мурдагы жылдын финансылык отчеттуулугундагы түзөтүлгөн олуттуу бурмалоолордун жана аныкталган түзөтүлө элек олуттуу эмес бурмалоолордун мүнөзүн изилдеп чыгуу;
- Ички контролдоо системасынын маанилүү мүчүлүштүктөрү сыяктуу маанилүүлүктү сактай ала турган бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун маанилүү маселелерин изилдеп чыгуу;
- Учурдагы жылдын финансылык отчеттуулугуна карата аткарылган аудитордук жол-жоболордун жыйынтыктарын изилдеп чыгуу;
- Өткөрүлгөн ички аудиттин жыйынтыктарын жана жетекчиликтин андан аркы иш-аракеттерин изилдеп чыгуу;
- Ак ниетсиз иш-аракеттерден улам аралык финансылык маалыматты олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин жетекчиликтин баалоосунун жыйынтыктары боюнча жетекчиликке суроо-талаптарды жөнөтүү;
- Ишкананын бизнес ишмердүүлүгүндөгү өзгөрүүлөрдүн таасири боюнча жетекчиликке суроо-талаптарды жөнөтүү;
- Ички контролдоо системасындагы маанилүү өзгөрүүлөр жана ушундай өзгөрүүлөрдүн аралык финансылык маалыматты даярдоого потенциалдуу таасир этиши боюнча жетекчиликке суроо-талаптарды жөнөтүү;
- Аралык финансылык маалымат ушулардын жардамы менен даярдалган процесстер, ошондой эле аралык финансылык маалымат алар менен макулдашылган же салыштырылуучу бухгалтердик эсептин тиешелүү маалыматтарынын ишенимдүүлүгү боюнча жетекчиликке суроо-талаптарды жөнөтүү.

16. Аудитор компоненттерге карата аткарылышы керек болгон обзордук текшерүүнүн жол-жоболорунун мүнөзүн (эгерде ушундайлар болсо) аныктайт жана эгерде колдонууга мүмкүн болсо, ушул маалыматты обзордук текшерүүгө катышуучу башка аудиторлорго жеткирет. Изилденүүчү факторлор компоненттердин аралык финансылык маалыматынын бурмаланышынын олуттуулугун жана тобокелдигин, аудитордун ушундай маалыматты даярдоону ички контролдоо

ISRE

системасын борборлоштуруу же борборлоштурууну азайтуу деңгээлин түшүнүүсүн камтыйт.

17. **Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнү пландаштыруу жана жүргүзүү үчүн ушундай тапшырманы аткаруу үчүн жакында дайындалган жана буга чейин жылдык финансылык отчеттуулукка Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык аудит жүргүзбөгөн аудитор жылдык да, аралык да финансылык маалыматты даярдоо процессине тиешелүү ички контролдоо системасын кошо алганда, ишкананы жана анын чөйрөсүн түшүнүшү керек.**

18. Ушундай изилдөөнүн натыйжасында жетишилген түшүнүү аудиторго максаттуу багытталган суроо-талаптарды түзүүгө жана ушул стандартка ылайык аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү жүргүзүүдө колдонулуучу талдоо жана башка обзордук жол-жоболорду аныктоого мүмкүнчүлүк берет. Ушундай түшүнүүнү алуунун алкагында аудитор адатта буга чейинки аудиторго суроо-талаптарды жөнөтөт, ал эми максатка ылайыктуу болгон учурларда обзордук текшерүүсү буга чейинки аудитор тарабынан аткарылган мурдагы жылдык аудит боюнча жана учурдагы жылдын бардык буга чейинки аралык мезгилдери үчүн аудитордук документацияны текшерет. Мында аудитор буга чейинки аудитор тарабынан маалымат жалпыланган бардык оңдолгон бурмалоолордун жана бардык оңдолбогон бурмалоолордун мүнөзүн, контролдоо системасынан тышкары жетекчиликтин иш-аракеттеринин тобокелдигин кошо алганда, бардык маанилүү тобокелдиктерди, ошондой эле ички контролдоо системасынын олуттуу мүчүлүштүктөрү сыяктуу өзүнүн маанилүүлүгүн сактай ала турган бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун бардык маанилүү маселелерин изилдеп чыгат.

## Суроо-талаптар, обзордук текшерүүнүн талдоо жана башка жол-жоболору

19. **Аудитор суроо-талаптарды биринчи кезекте финансылык маселелерге жана бухгалтердик эсептин маселелерине жооптуу жактарга жөнөтүп, обзордук текшерүүнүн талдоо жана башка жол-жоболорун аткарышы керек, алар аудиторго аткарылган жол-жоболордун негизинде кандайдыр бир фактылар аныкталгандыгы же аныкталбагандыгы жөнүндө тыянак түзүүгө мүмкүндүк берип, анын натыйжасында аудитор аралык финансылык маалымат финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык бардык олуттуу мамилелерде даярдалган эмес деп эсептейт.**

20. Эреже катары, обзордук текшерүү инспекциялоо, байкоо жүргүзүү же ырастоо аркылуу бухгалтердик эсептин маалыматтарына тестирлөө жүргүзүүнү талап кылбайт. Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү жүргүзүү жол-жоболору, эреже катары, суроо-талаптарды

биринчи кезекте финансылык маселелерге жана бухгалтердик эсептин маселелерине жооптуу жактарга жөнөтүү, ошондой эле обзордук текшерүүнүн талдоо жана башка жол-жоболорун колдонуу менен чектелет, аралык финансылык маалыматка тиешелүү бухгалтердик эсептин маанилүү маселелери боюнча алынган маалыматты ырастоо менен чектелбейт. Аудитордун ишкананын жана анын чөйрөсүнүн өзгөчөлүктөрүн, анын ичинде ички контролдоо системасын, буга чейинки аудитке тиешелүү тобокелдиктерди баалоонун жыйынтыктарын түшүнүүсү жана аудитордун аралык финансылык маалыматка карата колдонулуучу маанилүүлүктү карап чыгуусу жөнөтүлүүчү суроо-талаптардын жана обзордук текшерүүнүн аткарылуучу талдоо жана башка жол-жоболорунун мүнөзүнө жана көлөмүнө таасирин тийгизет.

21. Адатта аудитор төмөнкүдөй жол-жоболорду аткарат:

- Аралык финансылык маалыматка таасир этиши мүмкүн болгон маселелерди аныктоо максатында акционерлердин, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын жана тиешелүү комитеттердин чогулуштарынын жана жыйналыштарынын протоколдору менен таанышуу жана эгерде алар аралык финансылык маалыматка таасирин тийгизе алса, протоколдору изилдөө үчүн жеткиликтүү болбогон чогулуштарда жана жыйналыштарда талкууланган темалар боюнча суроо-талаптарды жөнөтүү;
- Аудиттин же обзордук текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча корутундуну модификациялоого алып келүүчү маселелердин, буга чейинки обзордук текшерүүлөрдүн же аудиттин учурунда болгон бухгалтердик түзөтүүлөрдүн же оңдолбогон бурмалоолордун таасирин (эгерде ушундай болсо) изилдеп чыгуу;
- Отчет берүүчү ишкананын маанилүү компоненттеринин аралык финансылык маалыматын обзордук текшерүүнү аткарган башка аудиторлор менен маалыматтык өз ара аракеттенүү (зарыл учурларда);
- Финансылык маселелерге жана бухгалтердик эсептин маселелерине жооптуу жетекчиликтин мүчөлөрүнө, ошондой эле башка жактарга төмөнкүлөр боюнча суроо-талаптарды жөнөтүү:
    - Аралык финансылык маалыматты даярдоо жана берүү финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына шайкеш келеби;
    - Бухгалтердик эсеп принциптеринде же аларды колдонуу методдорунда өзгөрүүлөр орун алганбы;
    - Жаңы операцияларды аткаруунун натыйжасында жаңы принциптерди колдонууга зарылдык болгонбу;

ISRE

- Аралык финансылык маалымат белгилүү оңдолбогон бурмалоолорду камтыйбы;
- Бизнести бириктирүү же бизнестин бир бөлүгүн чыгаруу сыяктуу аралык финансылык маалыматка таасир этиши мүмкүн болгон адаттан тыш же татаал кырдаалдар орун алганбы;
- Адилет наркты баалоого, маалыматты ачып көрсөтүүгө жана жетекчиликтин ишкананын атынан белгилүү бир иш-аракеттер планын аткаруу ниетине же жөндөмдүүлүгүнө тиешелүү маанилүү божомолдор кабыл алынганбы;
- Эсепте туура чагылдырылып жана аралык финансылык маалыматта байланышкан тараптар менен операциялар туура ачып көрсөтүлгөнбү;
- Келишим жана башка жагдайларда маанилүү өзгөртүүлөрдүн болушу;
- Соттук териштирүүлөрдү жана дооматтарды кошо алганда, шарттуу жагдайларда маанилүү өзгөртүүлөрдүн болушу;
- Кредиттик келишимдин шарттарынын сакталышы;
- Обзордук текшерүүнүн жол-жоболорун аткаруу процессинде маселелер жаралган чөйрөлөр;
- Ушул аралык мезгилдин акыркы бир нече күнүндө же кийинки аралык мезгилдин алгачкы бир нече күнүндө орун алган маанилүү операциялар;
- Ишканага таасир этүүчү жана ага төмөнкү жактар тартылган ак ниетсиз иш-аракеттер жөнүндө маалыматтын болушу (анын ичинде болжолдонуучу ак ниетсиз иш-аракеттер жөнүндө):
  - Жетекчилик;
  - Ички контролдоо системасынын алкагында маанилүү функцияларды ишке ашыруучу кызматкерлер;
  - Ак ниетсиз иш-аракеттер аралык финансылык маалыматка олуттуу таасир этиши мүмкүн болгон учурларда башка жактар;
- Учурда иштеп жаткан же мурдагы кызматкерлерден, талдоочулардан, жөнгө салуучу органдардан жана башка жактардан алынган ар кандай билдирүүлөр, ишкананын аралык финансылык маалыматына таасир этүүчү ак ниетсиз

иш-аракеттер (анын ичинде болжолдонгон ак ниетсиз иш-аракеттер жөнүндө) маалыматтын болушу;

- ○ Аралык финансылык маалыматка олуттуу таасир этиши мүмкүн болгон мыйзамдардын жана ченемдик актылардын талаптарынын иш жүзүндө же мүмкүн болгон сакталбаган учурлары жөнүндө маалыматтын болушу;

- Адаттан тыш болуп берилген жана аралык финансылык маалыматта олуттуу бурмалоолорду чагылдырышы мүмкүн болгон өзүнчө фактыларды жана өз ара байланыштарды аныктоого багытталган талдоо жол-жоболорун аралык финансылык маалыматка карата колдонуу. Талдоо жол-жоболору тренддик талдоо же регрессиялык талдоо сыяктуу коэффициенттердин талдоосун жана статистикалык методдорду колдонууну камтып, кол менен да, автоматташтырылган аудит методдорун колдонуу менен да аткарылышы мүмкүн. Ушул стандартка 2-тиркемеде талдоо жол-жоболорунун мисалдары келтирилген, аларды колдонуу зарылдыгы аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнү жүргүзүүдө аудитор тарабынан каралышы мүмкүн;

- Аралык финансылык маалымат менен таанышуу жана аралык финансылык маалымат бардык олуттуу мамилелерде финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык даярдалбагандыгы тууралуу аудитордун тыянагы үчүн негиз болуучу кандайдыр бир фактылар аудитор тарабынан аныкталгандыгына же аныкталбагандыгына талдоо жүргүзүү.

22. Аудитор ишкананын аралык финансылык маалыматты даярдоо алдында же ушундай даярдоо менен бир эле учурда обзордук текшерүүнүн көптөгөн жол-жоболорун аткарат. Мисалы, ички контролдоо системасын кошо алганда, ишкананы жана анын чөйрөсүн кошумча изилдөө жана аралык мезгил аяктаганга чейин зарыл протоколдор менен таанышууга киришүү максатка ылайыктуу болушу мүмкүн. Аралык мезгилдин кыйла эрте стадиясында обзордук текшерүүнүн кээ бир жол-жоболорун аткаруу да аралык финансылык маалыматка таасирин тийгизүүчү бухгалтердик эсептин маанилүү маселелерин кыйла эрте аныктоо жана изилдеп чыгуу үчүн мүмкүнчүлүк түзөт.

23. Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнү жүргүзгөн аудиторго ишкананын жылдык финансылык отчеттуулугуна аудит жүргүзүү боюнча тапшырманы аткаруу да табышталат. Ыңгайлуулук жана иштин натыйжалуулугу үчүн аудитор кээ бир аудитордук жол-жоболорду аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү менен бир эле учурда аткаруу жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн. Мисалы, аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү менен байланыштуу директорлор кеңешинин жыйналыштарынын протоколдору менен

ISRE

таанышууда алынган маалымат жылдык аудит үчүн да колдонулушу мүмкүн. Аудитор аралык обзордук текшерүү убагында жылдык финансылык отчеттуулукка аудиттин максаттары үчүн талап кылынган аудитордук жол-жоболорду аткаруу чечимин да кабыл алышы мүмкүн, мисалы, бизнести бириктирүү, кайра түзүмдөштүрүү же түшкөн кирешени таанууга алып келүүчү маанилүү операциялар сыяктуу мезгил ичинде орун алган маанилүү же адаттан тыш операциялар боюнча аудитордук жол-жоболорду аткаруу.

24. Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү адатта соттук териштирүүлөр же дооматтар боюнча суроо-талаптарды ырастоону талап кылбайт. Андыктан, эреже катары, ишкананын юристине жазуу жүзүндөгү суроо-талапты жөнөтүүнүн зарылдыгы жок. Бирок, эгерде аралык финансылык маалымат бардык олуттуу мамилелерде финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык даярдалгандыгына шек жараткан кандайдыр бир факт аудитордун көңүлүн тартса жана аудитор ишкананын юристи ушул маселе боюнча маалымат билет деп эсептесе, соттук териштирүүлөр же дооматтар боюнча ишкананын юристи менен түздөн-түз маалыматтык өз ара аракеттенүү жөндүү болот.

25. Аудитор аралык финансылык маалымат бухгалтердик эсептин тиешелүү маалыматтары менен макулдашылгандыгы же салыштырылып текшерилгендиги тууралуу далилдерди алышы керек. Аудитор аралык финансылык маалыматтын төмөнкүлөр менен байланышына байкоо жүргүзүү аркылуу аралык финансылык маалымат бухгалтердик эсептин тиешелүү маалыматтары менен макулдашылгандыгы же салыштырылып текшерилгендиги тууралуу далилдерди алса болот:

(a) Бухгалтердик эсептин маалыматтары менен макулдашылуучу негизги регистр же топтоо таблицасы сыяктуу бухгалтердик эсептин маалыматтары;

(b) Зарыл болгон учурда ишкананын бухгалтердик эсебинин маалыматтарындагы башка ырастоолор.

26. **Аудитор жетекчилик обзордук текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча корутундунун күнүнө чейин болгон бардык окуяларды аныктап, аларга байланыштуу аралык финансылык маалыматты ачып көрсөтүү же түзөтүү талап кылынышы мүмкүндүгү тууралуу суроо-талап жөнөтүшү керек.** Обзордук текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча корутундунун күнүнө чейин болгон окуяларды аныктоо үчүн аудитордун башка жол-жоболорду аткарышы зарыл болуп саналбайт.

27. **Аудитор жетекчилик ишкананын өзүнүн ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүн баалоосун өзгөртпөгөндүгү тууралуу суроо-талдап жөнөтүшү керек. Эгерде ушундай суроо-талаптын же**

**обзордук текшерүүнүн башка жол-жоболорунун натыйжасында аудиторго ишкананын өзүнүн ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүнө маанилүү шек жаратышы мүмкүн болгон окуялар же шарттар тууралуу белгилүү болуп калса, ал:**

(a) **Ишкананын өзүнүн ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүн баалоонун негизинде түзүлгөн келечектеги иш-аракеттер пландары, ушул пландарды иш жүзүндө аткаруу мүмкүнчүлүгү жана жетекчиликтин ушул пландарды аткаруунун натыйжасы кырдаалды жакшыртаарына ишеними боюнча жетекчиликке суроо-талап жөнөтөт;**

(b) **Аралык финансылык маалыматта ушул маселелер боюнча маалыматты ачып көрсөтүүнүн жетиштүүлүгү жөнүндө маселени карап чыгышы керек.**

28. Ишкананын өзүнүн ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүнө маанилүү шек жаратышы мүмкүн болгон окуялар же шарттар жылдык финансылык отчеттуулуктун күнүнө карата болушу мүмкүн же жетекчиликке суроо-талаптарды жөнөтүүнүн натыйжасында же обзордук текшерүүнүн башка жол-жоболорун аткаруу процессинде аныкталышы мүмкүн. Эгерде аудитор тарабынан ушундай окуялар же шарттар аныкталса, ал жетекчилик тарабынан пландаштырылган келечектеги иш-аракеттер боюнча суроо-талапты жетекчиликке жөнөтөт, анын ичинде, мисалы, активдерди жоюу, акча каражаттарын карызга алуу же карыздарды кайра түзүмдөштүрүү, чыгымдарды азайтуу же мөөнөтүн кийинкиге жылдыруу же капиталды көбөйтүү боюнча пландар. Аудитор ошондой эле ушул пландарды иш жүзүндө аткаруу мүмкүнчүлүгү жана жетекчиликтин ушул пландарды аткаруу натыйжасы кырдаалды жакшыртаарына ишеними боюнча суроо-талаптарды жөнөтөт. Бирок, адатта аудитордун жетекчиликтин пландарды иш жүзүндө аткаруу мүмкүнчүлүгүн жана ушул пландарды аткаруу натыйжасы кырдаалды жакшыртаары боюнча мүмкүнчүлүктү ырастоо зарыл болуп саналбайт.

29. **Эгерде кандайдыр бир факт аудитордун көңүлүн буруп, анын негизинде анда аралык финансылык маалымат бардык олуттуу мамилелерде финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык даярдалышы үчүн олуттуу түзөтүүнү аткаруу зарылдыгы жөнүндө маселе жаралса, аудитор кошумча суроо-талаптарды жөнөтүшү же ага обзордук текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча корутундуда тыянакты түзүүгө мүмкүндүк бере турган башка жол-жоболорду аткарышы керек.** Мисалы, эгерде аудитор тарабынан аткарылуучу обзордук текшерүүнүн жол-жоболору сатуунун маанилүү операциясы финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык чагылдырылды деген фактка анын шектенүүсүнө алып келсе, аудитор келип чыккан шектенүүлөрдү чечүү

ISRE

үчүн жетишээрлик кошумча жол-жоболорду аткарат; ушундай жол-жоболорго маркетинг жана бухгалтердик эсеп бөлүмдөрүнүн жетектөөчү кызматкерлери менен операциянын шарттарын талкуулоо же сатуу-сатып алуу келишими менен таанышуу кирет.

## Бурмалоолорду баалоо

30. **Аудитор алар аныктаган түзөтүлбөгөн бурмалоолор аралык финансылык маалымат үчүн олуттуу болуп саналаарын же саналбай тургандыгын өз-өзүнчө да, жыйындысында да баалашы керек.**

31. Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү аудитордук тапшырмадан айырмаланып аралык финансылык маалымат олуттуу бурмалоолорду камтыбай тургандыгына акылга сыярлык ишенимди алууга багытталган эмес. Ошондой болсо да аудитор тарабынан аныкталган бурмалоолор, анын ичинде маалыматтын жетишсиз түрдө ачып көрсөтүлүшү финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясынын бардык олуттуу мамилелеринде шайкештикти камсыз кылуу үчүн аралык финансылык маалыматка олуттуу түзөтүүлөрдү киргизүү зарылдыгы жөнүндө чечим кабыл алуу максатында өз-өзүнчө же жыйындысында бааланат.

32. Аудитор уюм тарабынан оңдолбогон ар кандай бурмалоолордун олуттуулугун баалоо үчүн кесипкөй ой жүгүртүүнү колдонот. Аудитор бурмалоолордун мүнөзү, себеби жана суммасы, ушул бурмалоолор келип чыккан мезгил (мурдагы жылда же учурдагы жылдын аралык мезгили ичинде), ошондой эле бурмалоолордун келечектеги аралык же жылдык мезгилдерге потенциалдуу таасири сыяктуу маселелерди карайт.

33. Аудитор бурмалоолорду топтомдоо үчүн чегине жеткен сумманы белгилей алат (ушул суммадан төмөн бурмалоолор топтомдоону талап кылбайт), анткени ал ушундай суммаларды топтомдоо аралык финансылык маалыматка олуттуу таасирин тийгизбээрин күтөт. Мында аудитор олуттуулуктун аныктамасы сандык жана сапаттык аспекттерди карай тургандыгын жана анча чоң эмес сумма боюнча бурмалоо аралык финансылык маалыматка олуттуу таасир тийгизиши мүмкүн экендигин болжолдоорун эске алат.

## Жетекчиликтин билдирүүсү

34. **Аудитор жетекчиликтен төмөнкүлөр тууралуу жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү алышы керек:**

    (a) **Жетекчилик ак ниетсиз иш-аракеттерди жана каталарды болтурбоо жана аныктоо үчүн ички контролдоо системасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү үчүн өзүнүн жоопкерчилигин ырастайт;**

(b) **Аралык финансылык маалымат финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык даярдалды жана берилди;**

(c) **Жетекчилик оңдолбогон бурмалоолордун кесепеттери жөнүндө маалымат аудитор тарабынан обзордук текшерүүнүн убагында жалпыланып, ушул кесепеттер жалпысынан аралык финансылык маалымат үчүн өз-өзүнчө да, жыйындысында да олуттуу эмес деп эсептейт. Оңдолбогон бурмалоолордун бириктирилген тизмеги жазуу жүзүндөгү билдирүүлөргө киргизилген же аларга тиркелген;**

(d) **Жетекчилик ишканага таасир этиши мүмкүн болгон ак ниетсиз иш-аракеттерге же болжолдонуучу ак ниетсиз иш-аракеттерге тиешеси бар жетекчиликке белгилүү болгон бардык маанилүү фактылар жөнүндө маалыматты аудиторго ачып көрсөттү;**

(e) **Жетекчилик ак ниетсиз иш-аракеттерден улам аралык финансылык маалыматтын олуттуу бурмаланышынын тобокелдиктерин өзүнүн баалоосунун жыйынтыктары жөнүндө маалыматты аудиторго ачып көрсөттү;[2]**

(f) **Жетекчилик аралык финансылык маалыматты даярдоодо көңүлгө алуу керек болгон мыйзамдардын жана ченемдик актылардын иш жүзүндө же мүмкүн болгон сакталбашынын бардыгына белгилүү учурлары жөнүндө маалыматты аудиторго ачып көрсөттү; жана**

(g) **Жетекчилик отчеттук күндөн кийин жана обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундунун күнүнө чейин болгон бардык маанилүү окуялар тууралуу маалыматты аудиторго ачып көрсөттү, аларга байланыштуу аралык финансылык маалыматты түзөтүү же анда маалыматты ачып көрсөтүү талап кылынышы мүмкүн.**

35. Аудитор ишкананын ишинин өзгөчөлүгүнө же тармагына жараша кошумча билдирүүлөрдү алат. Жетекчиликтин билдирүү катынын мисалы ушул стандартка 3-тиркемеде келтирилген.

---

2 АЭС 240 *«Финансылык отчеттуулукка аудит жүргүзүүдө ак ниетсиз аракеттер боюнча аудитордун милдеттеринин»* 36-пункту ушундай баалоонун мүнөзү, деңгээли жана үзгүлтүксүздүгү түрдүү ишканаларда ар кандай жана жетекчилик ар жылдык негизде же туруктуу мониторингдин алкагында кең-кесири баалоо жүргүзө алаарын түшүндүрөт. Андыктан аралык финансылык маалыматка тиешелүү бөлүгүндө бул билдирүү ишкананын конкреттүү жагдайларын эске алат.

## Тиркелген маалымат боюнча аудитордун жоопкерчилиги

36. **Аудитор ушул маалымат менен аралык финансылык маалыматтын ортосунда олуттуу шайкеш келбестик орун алгандыгын же албагандыгын аныктоо үчүн аралык финансылык маалыматка тиркелүүчү башка маалымат менен таанышып чыгышы керек.** Эгерде аудитор олуттуу шайкеш келбестикти аныктаса, ал аралык финансылык маалыматка же башка маалыматка түзөтүүлөрдү киргизүү керектигин же кереги жоктугун аныктайт. Эгерде аралык финансылык маалыматка түзөтүүнү киргизүү зарыл болуп, бирок жетекчилик ушул түзөтүүдөн баш тартса, аудитор обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутунду үчүн кесепеттер жөнүндө маселени карап чыгат. Эгерде башка маалыматка түзөтүүнү киргизүү зарыл болуп, бирок жетекчилик ушул түзөтүүдөн баш тартса, аудитор обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундуга олуттуу шайкеш келбестикти сүрөттөгөн кошумча бөлүмдү киргизүү маселесин же обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундуну берүүдөн баш тартуу же тапшырмадан баш тартуу сыяктуу башка чараларды көрүү мүмкүндүгүн карайт. Мисалы, жетекчилик аралык финансылык маалыматка караганда кыйла пайдалуу өңүттө финансылык натыйжалуулукту берүүчү пайданын альтернативдүү көрсөткүчтөрүн колдонушу мүмкүн, мында пайданын ушул альтернативдүү көрсөткүчтөрү ашыкча көңүлдү тартат, алар эки жактуу аныкталган же аларды аралык финансылык маалымат менен ачык салыштырып текшерүү жок, анын айынан алар пайдалануучуларды чаташтырышы мүмкүн.

37. **Эгерде аудитордун көңүлүн кандайдыр бир факт буруп, анын негизинде ал башка маалымат олуттуу бурмалоону камтышы мүмкүн деп эсептесе, аудитор бул маселени ишкананын жетекчилиги менен талкуулашы керек.** Олуттуу шайкеш келбестиктерди аныктоо максатында башка маалымат менен таанышууда аудитор тарабынан фактылардын айдан ачык олуттуу бурмаланышы аныкталышы мүмкүн (башкача айтканда аралык финансылык маалыматта болгон маселелерге тиешеси жок жана туура эмес баяндалган же берилген маалымат). Бул маселени ишкананын жетекчилиги менен талкуулоодо аудитор башка маалыматтын жана аудитордун суроо-талаптарына жетекчиликтин жоопторунун негиздүүлүгүн, ой жүгүртүүлөрдө же пикирлерде мыйзамдуу айырмачылыктардын болуу мүмкүндүгүн жана фактылардын айдан ачык бурмаланышы жөнүндө маселени чечүү үчүн компетенттүү үчүнчү жак менен консультацияларды жүргүзүү жөнүндө жетекчиликке суроо-талап жөнөтүү зарылдыгын баалайт. Эгерде фактылардын олуттуу бурмаланышын оңдоо үчүн түзөтүүлөрдү киргизүү зарыл болуп, бирок жетекчилик ушул түзөтүүлөрдөн баш тартса, аудитор корпоративдик башкаруу үчүн жооптуу жактарга билдирүү жана юридикалык

консультация алуу сыяктуу андан аркы чараларды көрүү жөнүндө маселени карап чыгат.

## Маалымдоо

38. **Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү боюнча тапшырманы аткаруунун натыйжасында аудитордун көңүлүн кандайдыр бир факт буруп, анын негизинде ал эсептегендей, анын бардык олуттуу мамилелерде финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына шайкеш келишин камсыз кылуу үчүн аралык финансылык маалыматка олуттуу түзөтүүлөрдү киргизүү зарыл болгон учурларда аудитор биринчи мүмкүнчүлүктө ушул маалыматты тиешелүү деңгээлдеги жетекчиликке жеткириши керек.**

39. **Аудитордун ой жүгүртүүсүнө ылайык жетекчилик акылга сыярлык мөөнөттө ойдогудай жооп бербеген учурда, ал корпоративдик башкаруу үчүн жооптуу жактарга маалымдашы керек.** Бул маалымат биринчи эле мүмкүнчүлүктө оозеки же жазуу жүзүндө билдирилиши керек. Аудитордун оозеки же жазуу жүзүндө маалыматты билдирүү жөнүндө чечимди кабыл алуусуна жеткирилиши керек болгон маселенин мүнөзү, купуялуулугу жана маанилүүлүгү, ошондой эле маалымдоо мөөнөтү сыяктуу факторлор таасир этет. Эгерде маалымат оозеки түрдө билдирилсе, аудитор маалымдоо фактысын документ түрүндө тариздейт.

40. **Аудитордун ой жүгүртүүсүнө ылайык корпоративдик башкаруу үчүн жооптуу жактар акылга сыярлык мөөнөттө тиешелүү жооп бербеген учурларда ал иш-аракеттердин төмөнкүдөй варианттарын карап чыгышы керек**:

    (a) **Корутундуну модификациялоо мүмкүндүгү; же**

    (b) **Тапшырмадан баш тартуу мүмкүндүгү; жана**

    (c) **Жылдык финансылык отчеттуулукка аудит жүргүзүү үчүн дайындоодон баш тартуу мүмкүндүгү.**

41. **Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү боюнча тапшырманы аткаруунун натыйжасында аудитордун көңүлүн кандайдыр бир факт буруп, анын негизинде ал эсептегендей, ак ниетсиз иш-аракеттер же мыйзамдардын жана ченемдик актылардын талаптарын ишкананын сактабашы орун алган учурларда ал биринчи мүмкүнчүлүктө ушул маалыматты тиешелүү деңгээлдеги жетекчиликке жеткириши керек.** Кайсы деңгээлдеги жетекчиликти тиешелүү деп эсептөө керектиги жөнүндө маселени чечүүгө жетекчиликтин мүчө менен көмүскө бүтүмүнүн болушу же жетекчиликтин аныкталган эреже бузууга катышуусу таасирин тийгизет. Аудитор ошондой эле ушундай фактылар тууралуу корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү

ISRE

жактарга маалымдоо зарылдыгын жана обзордук текшерүү үчүн кесепеттер жөнүндө маселени карайт.

42. **Аудитор корпоративдик башкаруу үчүн жооптуу жактарга аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнүн натыйжасында келип чыккан башкаруунун маанилүү маселелерин жеткириши керек.** Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнү жүргүзүүнүн натыйжасында аудитор анын пикири боюнча ушул финансылык отчеттуулукту даярдоону көзөмөлдөөнү ишке ашыруу бөлүгүндө корпоративдик башкаруу үчүн жооптуу жактар үчүн маанилүү жана жөндүү болуп саналган маселелер жөнүндө билиши мүмкүн. Аудитор ушундай маселелер жөнүндө маалыматты корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарга жеткирет.

## Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнүн мүнөзү, көлөмү жана натыйжалары жөнүндө корутундуну чыгаруу

43. **Аудитор төмөнкү компоненттерди камтыган жазуу жүзүндөгү корутундуну чыгарышы керек:**

(a) **Тиешелүү аталыш;**

(b) **Тапшырманын шарттарына ылайык даректелүүчү;**

(c) **Ага карата обзордук текшерүү жүргүзүлгөн аралык финансылык маалыматты аныктоо, анын ичинде финансылык отчеттуулуктун толук же кыскартылган топтомунун курамына кирген отчеттордун ар биринин аталыштарын, күнүн жана аралык финансылык маалымат менен камтылган мезгилди көрсөтүү;**

(d) **Эгерде аралык финансылык маалымат ишенимдүү берүүнү камсыз кылууга багытталган финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык даярдалган жалпы багыттагы финансылык отчеттуулуктун толук топтомун камтыса, жетекчилик финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык аралык финансылык маалыматты даярдоо жана аны ишенимдүү берүү үчүн жоопкерчилик тартаары тууралуу билдирүү берилиши керек;**

(e) **Башка жагдайларда жетекчилик финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык аралык финансылык маалыматты даярдоо жана берүү үчүн жоопкерчилик тартаары тууралуу билдирүү берилиши керек;**

(f) **Аудитор жүргүзүлгөн обзордук текшерүүнүн негизинде аралык финансылык маалыматка карата тыянакты түзүү үчүн жоопкерчилик тартаары жөнүндө билдирүү;**

(g) **Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү *«Ишкананын көз карандысыз аудитору тарабынан аткарылуучу аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү»* ОТЭС 2410го ылайык жүргүзүлгөндүгү жөнүндө билдирүү жана ушундай обзордук текшерүү суроо-талаптарды биринчи кезекте финансылык маселелерге жана бухгалтердик эсеп маселелерине жооптуу жактарга жөнөтүүнү, ошондой эле обзордук текшерүүнүн талдоо жана башка жол-жоболорун колдонууну камтый тургандыгы жөнүндө билдирүү;**

(h) **Обзордук текшерүүнүн көлөмү Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлүүчү аудиттин көлөмүнөн кыйла азыраак жана ошондуктан обзордук текшерүү аудиторго аудит процессинде аныкталышы мүмкүн болгон бардык маанилүү маселелер ага белгилүү болушуна ишеним алуу мүмкүндүгүн бербейт жана андыктан аудитордук пикир түзүлбөй тургандыгы тууралуу билдирүү;**

(i) **Эгерде аралык финансылык маалымат ишеимдүү берүүнү камсыз кылууга багытталган финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык даярдалган жалпы багыттагы финансылык отчеттуулуктун толук топтомун камтыса, аудитор фактылардын негизинде аралык финансылык маалымат финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык бардык олуттуу мамилелерде туура жана ишенимдүү түшүнүктү же туура чагылдырууну берген жок деп эсептеген ушул фактылардын аныкталгандыгы же аныкталбагандыгы (анын ичинде эгерде финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясы Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынан айырмаланса, финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясынын юрисдикциясын же чыккан өлкөсүн көрсөтүү) жөнүндө тыянак түзүлүшү керек;**

(j) **Башка жагдайларда аудитор фактылардын негизинде аралык финансылык маалымат финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык бардык олуттуу мамилелерде даярдалган эмес деп эсептеген ушул фактылардын аныкталгандыгы же аныкталбагандыгы (анын ичинде эгерде финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясы Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынан айырмаланса, финансылык отчеттуулукту**

ISRE

**даярдоо концепциясынын юрисдикциясын же чыккан өлкөсүн көрсөтүү) тууралуу тыянак түзүлүшү керек;**

(k) **Корутундунун күнү.**

(l) **Аудитор аудитордук иш жүргүзгөн жер болуп саналган юрисдикцияда же өлкөдө жайгашкан жери.**

(m) **Аудитордун колтамгасы.**

Обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундулардын мисалдары ушул стандартка карата 4-тиркемеде келтирилген.

44. Өзүнчө юрисдикцияларда аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнү жөнгө салуучу мыйзам же ченемдик акт менен 43(i) же (j) пункттарында сыпатталгандардан айырмалануучу аудитордун тыянактарынын аныктамалары белгилениши мүмкүн. Аудитор белгиленген аныктамаларды колдонууга аргасыз болооруна карабастан анын ушул стандартта сыпатталган тыянакты түзүү боюнча милдеттери өзгөрүүсүз бойдон калат.

## Финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясынан четтөө

45. **Аудитор финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясынын бардык олуттуу мамилелеринде аралык финансылык отчеттуулуктун шайкештигин камсыз кылуу үчүн ошол отчеттуулукка олуттуу түзөтүүлөрдү киргизүүнү аудитордун зарыл деп эсептеши үчүн негиз болуучу фактыларды аныктаган учурларда, аудитор коюлган шарты бар тыянакты же терс тыянакты түзүшү керек.**

46. Эгерде аудитор тарабынан фактылар аныкталып, алардын негизинде ал аралык финансылык маалыматка финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясынан четтөө олуттуу таасир этти же таасир этиши мүмкүн деп эсептеп, бирок мында жетекчилик аралык финансылык маалыматка оңдоолорду киргизбеген учурда, аудитор обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундуну модификациялайт. Модификацияда четтөөнүн мүнөзү сыпатталууга тийиш жана максатка ылайыктуу болсо, аралык финансылык маалыматка таасир көрсөтүлүшү керек. Эгерде аралык финансылык маалыматка маалымат киргизилбей, ал маалыматтын болушун аудитор ойдогудай ачып көрсөтүүнү камсыз кылуу үчүн зарыл деп эсептесе, аудитор обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундуну модификациялайт жана максатка ылайыктуу болсо, обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундуга зарыл маалыматты киргизет. Обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундунун модификациясы адатта обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундуга түшүндүрүүчү

бөлүмдү жана коюлган шарты бар тыянакты кошуу аркылуу аткарылат. Коюлган шарты бар тыянакты камтыган обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундулардын мисалдары ушул стандартка карата 5-тиркемеде келтирилген.

47. Эгерде четтөөнүн аралык финансылык маалыматка таасири аудитор чаташтыруучу же толук эмес мүнөздөгү аралык финансылык маалыматты ачып көрсөтүү үчүн коюлган шарты бар тыянак жетишсиз деген пикир түзгүдөй ушунчалык олуттуу жана бардыгын камтыгандай болсо, аудитор терс тыянак берет. Терс тыянакты камтыган обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундулардын мисалдары ушул стандартка 7-тиркемеде келтирилген.

**Көлөмдүн чектелиши**

48. Көлөмдүн чектелиши адатта аудитордун обзордук текшерүүнү толук ченде аткарууга тоскоолдук болот.

49. **Аудитор обзордук текшерүүнү толук көлөмдө жүргүзө албаган учурларда, ал тиешелүү деңгээлдеги жетекчиликке жана корпоративдик башкаруу үчүн жооптуу жактарга обзордук текшерүүнү жүргүзүүнү аяктоо мүмкүн эместигинин себеби тууралуу жазуу жүзүндө билдирип жана корутундуну чыгаруунун жөндүүлүгү маселесин карап чыгышы керек.**

## Жетекчилик тарабынан белгиленген көлөмдүн чектелиши

50. Эгерде аудитордо болгон тапшырманын жагдайлары жөнүндө алдын ала маалыматтар ал жетекчилик тарабынан белгиленген көлөмдүн чектелишине байланыштуу обзордук текшерүүнү толук көлөмдө жүргүзө албастыгын күбөлөндүрүп турса, аудитор аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү жүргүзүү боюнча тапшырманы кабыл албайт.

51. Эгерде тапшырма кабыл алынгандан кийин жетекчилик обзордук текшерүүнүн көлөмүнүн чектелишин белгилесе, аудитор ушул чектөөнү жокко чыгаруу жөнүндө суроо-талап жөнөтөт. Эгерде жетекчилик муну жасоодон баш тартса, анда аудитор обзордук текшерүүнү толук көлөмдө жүргүзө албайт жана тыянак да чыгара албайт. Мындай учурларда аудитор тиешелүү деңгээлдеги жетекчиликке жана корпоративдик башкаруу үчүн жооптуу жактарга обзордук текшерүүнү толук көлөмдө жүргүзүү мүмкүн эмес болгондун себеби тууралуу билдирет. Бирок, эгерде аудитордун көңүлүн кандайдыр бир факт буруп, бардык олуттуу мамилелерде аралык финансылык маалыматтын финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына шайкештигин камсыз кылуу үчүн анын негизинде ал аралык финансылык маалыматка олуттуу түзөтүүлөрдү киргизүү зарыл деп эсептесе, аудитор ушул маалыматты 38-40-пункттардагы көрсөтмөлөргө ылайык билдирет.

52. Аудитор ошондой эле ченемдик укуктук актылар менен каралган милдеттерди, анын ичинде алардын корутундуну чыгаруу жөнүндө талаптарынын болушун эске алат. Эгерде ушундай талап болсо, аудитор тыянактан баш тартат жана обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундуда обзордук текшерүүнү толук көлөмдө аткаруу мүмкүн эместигинин себебин көрсөтөт. Эгерде аудитордун көңүлүн кандайдыр бир факт буруп, бардык олуттуу мамилелерде аралык финансылык маалыматтын финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына шайкештигин камсыз кылуу үчүн анын негизинде ал аралык финансылык маалыматка олуттуу түзөтүүлөрдү киргизүү зарыл деп эсептесе, аудитор бул факт тууралуу корутундуда да билдирет.

## Көлөмдү башка чектөөлөр

53. Көлөмдүн чектелиши жетекчилик тарабынан көлөмдүн чектелишин белгилөөдөн айырмалануучу жагдайларга байланыштуу келип чыгышы мүмкүн. Ушундай жагдайларда аудитор адатта толук көлөмдө обзордук текшерүүнү жүргүзө албайт, ошондой эле тыянак түзө албайт жана 51-52-пункттарды жетекчиликке алат. Мында сейрек учурларда аудитордун ишинин көлөмүн чектөө олуттуулугуна карабастан аудитордун пикири боюнча аралык финансылык маалыматка карата бардыгын камтыган болуп саналбаган бир же бир нече конкреттүү маселелерге карата гана так белгиленген жагдайлар келип чыгышы мүмкүн. Ушундай жагдайларда аудитор обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундунун түшүндүрүүчү бөлүмүндө сыпатталган жагдайларды кошпогондо, обзордук текшерүү ушул стандартка ылайык жүргүзүлгөндүгүн көрсөтүп жана коюлган шарты бар тыянакты түзүп, обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундуну модификациялайт. Коюлган шарты бар тыянакты камтыган обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундунун мисалдары ушул стандартка карата 6-тиркемеде келтирилген.

54. Аудитор аудиттин көлөмүнүн чектелишине байланыштуу акыркы жылдык финансылык отчеттуулукка аудиттин жыйынтыктары боюнча коюлган шарты бар пикир түзө алды. Аудитор мурдагыдай эле ушул чектөө бар же жок экендиги тууралуу маселени изилдейт, эгерде ал бар болсо, обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутунду үчүн анын кесепеттерине талдоо жүргүзөт.

## Ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгү жана маанилүү айкын эместик

55. Кээ бир учурларда обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундуга аудитордун тыянагына таасирин тийгизбеген «Маанилүү жагдайлар» бөлүмү кошумча киргизилиши мүмкүн. Бул маселе кыйла кенен каралуучу аралык финансылык маалыматка эскертүүгө киргизилген

маселеге көңүл буруу үчүн жасалат. Бул бөлүмдү тыянак түзүлгөн бөлүмдөн кийинки корутундуга киргизүү жакшы болот, адатта буга тыянактын коюлган шарты жок болгон фактыга шилтеме келтирилет.

56. **Эгерде аралык финансылык маалыматта жетишээрлик маалымат ачып көрсөтүлсө, аудитор ишкананын өзүнүн ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүнө маанилүү шек жаратуучу окуялар же шарттар менен байланышкан олуттуу айкын эместикке көңүл бурдуруу үчүн обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундуга «Маанилүү жагдайлар» бөлүмүн кошумча киргизиши керек.**

57. Аудитор ишкананын өзүнүн ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүнө маанилүү шек жаратуучу окуялар же шарттар менен байланышкан олуттуу айкын эместикке көңүл бурдуруу үчүн «Маанилүү жагдайлар» бөлүмүн кошуп, мурдагы аудитордук корутундуну же обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундуну модификациялай алды. Эгерде бул олуттуу айкын эместик мурдагыдай эле сакталса жана аралык финансылык маалыматта бул жагдай ойдогудай түрдө ачып көрсөтүлсө, аудитор сакталуучу олуттуу айкын эместикке көңүл бурдуруучу бөлүмдү кошуп, учурдагы аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундуну модификациялайт

58. Эгерде суроо-талаптардын же обзордук текшерүүнүн башка жол-жоболорунун натыйжасында аудитор тарабынан ишкананын өзүнүн ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүнө маанилүү шек жаратуучу кандайдыр бир окуялар же шарттар менен байланышкан олуттуу айкын эместик аныкталса жана мында аралык финансылык маалыматта жетишээрлик маалымат ачып көрсөтүлсө, аудитор обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундуга «Маанилүү жагдайлар» бөлүмүн кошуп, аны модификациялайт.

59. **Эгерде ишкананын өзүнүн ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүнө маанилүү шек жаратуучу олуттуу айкын эместик аралык финансылык маалыматта ойдогудай түрдө ачып көрсөтүлбөсө, аудитор жагдайларга жараша коюлган шарты бар тыянакты же терс тыянакты түзүшү керек. Корутунду ушундай олуттуу айкын эместиктин болуу фактысын конкреттүү көрсөтүүнү камтышы керек.**

60. **Аудитор жоюлушу келечектеги окуяларга жараша болгон жана аралык финансылык маалыматка таасир эте турган аудитор тарабынан аныкталган олуттуу айкын эместикке (ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгү проблемасы менен байланышпаган) көңүл бурдуруучу кошумча бөлүмдү киргизүү аркылуу обзордук**

ISRE

**текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундуну модификациялоо маселесин карап чыгышы керек**

## Башка маселелер

61. Тапшырманын шарттары аралык финансылык маалыматты камтыган кандайдыр бир документте ишкананын аудитору тарабынан ушул маалыматты обзордук текшерүү жүргүзүлгөндүгү көрсөтүлгөн учурларда бул документке обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутунду киргизилиши керектигине жетекчиликтин макулдугун камтыйт. Эгерде жетекчилик бул документке обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундуну киргизбесе, аудитор ушул кырдаалда ойдогудай иш-аракеттер тартибин аныктоо үчүн юридикалык консультацияларды алуу жөнүндө маселени карайт.

62. Эгерде аудитор обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундуну чыгарып, ал эми жетекчилик аралык финансылык маалыматты камтыган документке модификацияланган корутундуну киргизбей туруп аралык финансылык маалыматты чыгарса, аудитор ушул кырдаалда ойдогудай иш-аракеттер тартибин аныктоо үчүн юридикалык консультацияларды алуу жөнүндө маселени, ошондой эле жылдык финансылык отчеттуулукка аудит боюнча тапшырмадан баш тартуу мүмкүндүгүн карайт.

63. Финансылык отчеттуулуктун кыскартылган топтомун камтыган аралык финансылык маалымат финансылык отчеттуулуктун толук топтомуна киргизиле турган бүтүндөй маалыматты дайыма камтый бербейт, жылдык отчеттуулукту даярдоо күнүнөн тартып болгон ишкананын финансылык абалында жана финансылык натыйжалуулугунда түшүнүү үчүн маанилүү өзгөртүүлөрдүн, окуялардын жана өзгөртүүлөрдүн түшүндүрмөсүн бериши мүмкүн. Бул аралык финансылык маалыматты пайдалануучулар, болжолдонгондой, баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилген ишканалар менен болгон учурдагыдай аудиттен өткөн акыркы финансылык отчеттуулукка жете тургандыгы менен байланышкан. Башка жагдайларда аудитор жетекчилик менен ушундай аралык финансылык маалыматка ал аудиттен өткөн акыркы финансылык отчеттуулук менен жыйындысында каралышы керектиги тууралуу билдирүү киргизүү зарылдыгын талкуулайт. Ушундай билдирүү жок болгон учурда аудитор бул жагдайларда аудиттен өткөн акыркы финансылык отчеттуулукка көрсөтмөнү камтыбаган аралык финансылык маалымат пайдалануучуларды чаташтыраары же чаташтырбашы жөнүндө маселени карайт, ошондой эле обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутунду үчүн ушундай кырдаалдын кесепеттерин баалайт.

## Документация

64. **Аудитор обзордук текшерүү боюнча документацияны даярдашы керек, ал анын тыянагын негиздөө үчүн жетиштүү жана талаптагыдай болуп саналат жана обзордук текшерүү ушул стандартка жана колдонулуучу мыйзамдардын жана ченемдик актылардын талаптарына ылайык жүргүзүлгөндүгүн күбөлөндүрөт.** Бул документация ушул тапшырма менен буга чейин байланышпаган тажрыйбалуу аудиторго жөнөтүлгөн суроо-талаптардын, обзордук текшерүүнүн аткарылган талдоо жана башка жол-жоболорунун, алынган маалыматтардын мүнөзүн, мөөнөттөрүн жана көлөмүн жана обзордук текшерүүнү жүргүзүү убагында каралуучу бардык олуттуу маселелерди, анын ичинде ушундай маселелерди чечүүнү түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

## Күчүнө кирүү күнү

65. Бул стандарт 2006-жылдын 15-декабрынан тартып же ушул күндөн кийин башталуучу мезгилдер үчүн аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүгө карата күчүнө кирет. Стандартты алда канча эрте колдонууга жол берилет.

## Мамлекеттик сектор ишканалары үчүн тапшырмаларды аткаруунун өзгөчөлүктөрү

1. *10-пункт аудитор жана кардар тапшырманын шарттарын макулдашуусун талап кылат. 11-пунктта тапшырма боюнча кат тапшырманын мүнөзү туура эмес чечмеленишин болтурбоого жардам берээри түшүндүрүлөт, атап айтканда, обзордук текшерүүнүн максаттары жана көлөмү, жетекчиликтин милдеттери, аудитордун милдеттери, алынган ишеним, корутундунун мүнөзү жана формалары. Мамлекеттик секторде обзордук текшерүүлөрдү жүргүзүүнү жөнгө салуучу мыйзамдар жана ченемдик актылар адатта аудиторду дайындоону белгилейт. Ошондуктан тапшырма боюнча кат мамлекеттик секторде жайылтылган тажрыйба болуп саналбашы мүмкүн. Ошондой болсо да, 11-пунктта аталган маселелерди аныктоочу тапшырма боюнча кат мамлекеттик сектор ишканаларынын аудитору үчүн да, кардар үчүн да пайдалуу болушу мүмкүн. Ошон үчүн мамлекеттик сектор ишканаларынын аудиторлору тапшырма боюнча катты тариздөө аркылуу обзордук текшерүү боюнча тапшырманын шарттарын макулдашуу жөнүндө маселени карап чыгышы керек.*

2. *Мамлекеттик секторде аудитти мыйзамдын талаптарына ылайык аткарган аудитордун милдеттери аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү сыяктуу иштин башка түрлөрүнө да жайылтылышы мүмкүн. Мындай учурларда мамлекеттик сектор ишканаларынын аудитору ушундай милдетти аткарбай коюшу мүмкүн эмес, андыктан*

ISRE

*обзордук текшерүү боюнча тапшырманы кабыл алуудан (50-пунктту караңыз) же аткаруудан (36 жана 40(b)-пункттарын караңыз) баш тартуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болбойт. Мамлекеттик сектор ишканаларынын аудитору жылдык финансылык отчеттуулукка аудит жүргүзүү үчүн дайындоодон (40(c) жана 62-пункттарды караңыз) баш тартуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болбогон учурларга да туш келиши мүмкүн.*

3. *41-пунктта аудитордун көңүлүн кандайдыр бир факт буруп, анын негизинде аудитор мыйзамдардын жана ченемдик актылардын талаптарын уюм сактаган эмес деп эсептеген учурлардагы анын милдеттери сыпатталган. Мамлекеттик секторудо аудиторго ушундай фактылар жөнүндө маалыматты жөнгө салуучу же башка мамлекеттик органдарга жеткирүү зарылдыгы тууралуу мыйзамдык же башка ченемдик талаптар колдонулушу мүмкүн.*

**1-тиркеме**

## Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнү жүргүзүү үчүн тапшырма боюнча каттын мисалы

Төмөндө келтирилген кат ушул стандарттын 10-пунктунда баяндалган маселелер менен айкалышта колдонмо катары колдонулуп жана конкреттүү талаптарды жана жагдайларды эске алуу менен түзөтүлүшү керек.

Директорлор кеңешине (же жогорку жетекчиликтин тиешелүү өкүлүнө)

Бул кат 2021-жылдын 30-июнуна карата ишкананын аралык балансын обзордук текшерүү жүргүзүү боюнча биздин тапшырманын шарттарын жана маселелерин жана пайдалар жана зыяндар, өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жана ушул күнгө аяктаган алты ай ичиндеги акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө алар менен байланышкан отчетторду түшүнгөндүгүбүздү ырастоо максатында берилди.

Биздин обзордук текшерүүбүз биз аралык финансылык маалымат [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү, анын ичинде эгерде финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынан айырмаланса, финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы чыккан өлкөнү же юрисдикцияны көрсөтүү] ылайык бардык олуттуу мамилелерде даярдалган эмес деп эсептешибиз үчүн негиз болуучу фактылар аныкталгандыгы же аныкталбагандыгы жөнүндө корутундуну даярдоо үчүн негиз алуу максатында Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш тарабынан чыгарылган *«Ишкананын көз карандысыз аудитору тарабынан аткарылуучу аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү»* Обзордук текшерүүлөрдүн эл аралык стандарты 2410го ылайык жүргүзүлөт. Обзордук текшерүү өзүнө суроо-талаптарды биринчи кезекте финансылык маселелерге жана бухгалтердик эсептин маселелерине жооптуу жактарга жөнөтүүнү, ошондой эле обзордук текшерүүнүн талдоо жана башка жол-жоболорун колдонууну камтыйт жана эреже катары, алынган маалыматты ырастоону талап кылбайт. Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнүн көлөмү Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлүүчү аудиттин көлөмүнөн кыйла аз, анын максаты болуп финансылык отчеттуулук жөнүндө пикир түзүү саналат жана андыктан биз ушундай пикирди түзбөйбүз.

Биз аралык финансылык маалымат жөнүндө төмөнкүдөй корутундуну чыгарууну болжолдоп жатабыз:

[Корутундунун үлгүсүнүн текстин киргизүү]

Маалыматты жетишээрлик түрдө ачып көрсөтүүнү кошо алганда, аралык финансылык маалыматты даярдоо үчүн жоопкерчилик ишкананын жетекчисине жүктөлөт. Бул жоопкерчилик аралык финансылык маалыматты даярдоого тиешелүү ички контролдоо системасын иштеп чыгууга, ишке киргизүүгө жана

ISRE

аны жумушчу абалда кармап турууга жайылтылат, ал ак ниетсиз иш-аракеттер же каталар менен чакырылган олуттуу бурмалоолорду; ойдогудай эсептик саясатты тандоону жана колдонууну; ушул жагдайларда негиздүү болуп саналган бааланууучу маанилерди түзүүнү камтыбайт. Биз жүргүзгөн обзордук текшерүүнүн алкагында биз обзордук текшерүүнү жүргүзүүдө колдонулган негиздер боюнча жетекчиликтин мүчөлөрүнөн жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү суратабыз. Биз ошондой эле аралык финансылык маалыматты камтыган кандайдыр бир документ ушул аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү жүргүзүлгөндүгүн көрсөткөн учурларда обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча биздин корутунду да ушул документке киргизилишин суранабыз.

Аралык финансылык маалыматтын баяндамасы аудит процессинде аныкталышы мүмкүн болгон бардык маанилүү маселелер бизге белгилүү болооруна ишенимди камсыз кылбайт. Андан тышкары, биздин тапшырманы аткарууда ак ниетсиз иш-аракеттер, каталар же мыйзамга каршы иш-аракеттер учурлары бар же жок экендиги тууралуу маалымат ачып көрсөтүлөөрүнө таянбаш керек. Мында биз аныктаган бардык олуттуу фактылар жөнүндө сиздерге маалымдайбыз.

Биз сиздердин кызматкерлериңер менен кызматташууга ниеттенебиз жана алар бизге обзордук текшерүүнү жүргүзүү менен байланыштуу биз суратуучу бардык бухгалтердик жазууларды, документацияны жана башка маалыматтарды берет деп ишенебиз.

[кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө жана жагдайларга ылайык төлөмдөрдү талап кылуу жөнүндө макулдашуулар боюнча кошумча маалыматты коюу.]

Бул каттын колдонулушу токтотулбаса же ага өзгөртүүлөр киргизилбесе же ал башка документтер менен алмаштырылбаса (эгерде колдонуу мүмкүн болсо), бул кат келечекте күчүнө ээ болот.

Ушул каттын тиркелген нускасына кол коюп жана ал финансылык отчеттуулукка биздин обзордук текшерүүбүздү жүргүзүү жөнүндө макулдашууларды сиздердин түшүнүүңүздөргө шайкеш келээрин ырастоо үчүн аны бизге кайтарып берүүнү суранабыз.

АВС ишканасынын атынан ырасталат

(колтамгасы)

Фамилиясы, аты, атасынын аты жана кызмат орду

Күнү

**2-тиркеме**

**Аудитор аткаруу маселесин аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнү жүргүзүүдө карашы мүмкүн болгон талдоо жол-жоболору**

Төмөндө келтирилген жол-жоболор талдоо жол-жоболорунун мисалдары болуп саналат, аларды аткаруу маселесин аудитор аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү жүргүзүүдө карашы мүмкүн:

- Ушул аралык финансылык маалыматты түздөн-түз буга чейинки аралык мезгилдеги аралык финансылык маалымат, буга чейинки финансылык жылдын тиешелүү аралык мезгилинин аралык финансылык маалыматы, учурдагы мезгилде жетекчилик тарабынан күтүлүүчү аралык финансылык маалымат жана аудиттен өткөн акыркы жылдык финансылык отчеттуулук менен салыштыруу.
- Учурдагы аралык финансылык маалыматты бюджеттик же божомол маанилер сыяктуу күтүлүүчү натыйжалар менен салыштыруу (мисалы, салыктар боюнча калдыктарды жана пайда салыгына резерв менен учурдагы аралык финансылык маалыматта салык салынганга чейинки кирешенин катышын салык салуунун күтүлүүчү ставкаларын (а) жана мурунку мезгилдерге финансылык маалыматты (b) колдонуу менен бюджеттеги тиешелүү маалымат менен салыштыруу.
- Учурдагы аралык финансылык маалыматты тиешелүү финансылык эмес маалымат менен салыштыруу.
- Чагылдырылган суммаларды же чагылдырылган суммалардын негизинде алынган коэффициенттерди аудитор тарабынан аныкталган күтүлүүчү маанилер менен салыштыруу. Аудитор өз ара байланышты аныктоо жана колдонуу аркылуу күтүлүүчү маанилерди аныктайт, алардын болуусу ишкананын өзгөчөлүктөрүн жана уюм өзүнүн ишин жүргүзүүчү тармакты аудитордун түшүнүүсүнүн негизинде күтүлөт.
- Учурдагы аралык мезгилдеги коэффициенттерди жана көрсөткүчтөрдү ошол эле тармактагы ишканалардын коэффициенттери жана көрсөткүчтөрү менен салыштыруу.
- Учурдагы аралык финансылык маалыматтын элементтеринин ортосундагы мамилелерди мурунку мезгилдердеги аралык финансылык маалыматтагы тиешелүү мамилелер менен салыштыруу, мисалы, сатуудан түшкөн пайыз менен берилген түрү боюнча бөлүштүрүүдөгү чыгымдар, активдердин жалпы суммасынан түшкөн пайыздарда берилген түрү боюнча бөлүштүрүүдөгү активдер жана дебитордук карыздын өзгөрүү пайызына карата сатуулардын суммаларынын өзгөрүшүнүн пайызы.

- Топторго бөлүштүрүлгөн маалыматтарды салыштыруу. Төмөндө маалыматтарды топторго бөлүштүрүү ыкмаларынын мисалдары келтирилген:
  - Мезгилдер боюнча, мисалы: кирешелер жана чыгашалар статьялары кварталдык, айлык жана жумалык суммаларга бөлүштүрүлөт.
  - Продуктылардын топтору же кирешелердин булагы боюнча.
  - Жайгашкан жери боюнча, мисалы, компоненттери боюнча.
  - Операциялардын мүнөздөмөлөрү боюнча, мисалы: дизайнер, архитекторлор же жумушчулар алган киреше.
  - Операциялардын өзүнчө мүнөздөмөлөрү боюнча, мисалы: продуктылар жана айлар боюнча бөлүштүрүүдө сатуулар тууралуу маалыматтар.

**3-тиркеме**

## Жетекчиликтин билдирүү катынын мисалы

Төмөндө келтирилген кат стандарттык кат болуп саналбайт. Жетекчиликтин билдирүүлөрү түрдүү ишканалар жана түрдүү аралык мезгилдер үчүн ар кандай болушу мүмкүн.

(Ишкананын фирмалык бланкы)

(Аудиторго) (Күнү)

Эгерде аралык финансылык маалымат кыскартылган финансылык отчеттуулукту камтыса, киришүү бөлүмү:

Жетекчиликтин билдирүүлөрү менен бул кат сиздер тараптан фактылардын аныкталгандыгы же аныкталбагандыгы жөнүндө тыянак түзүп, ал фактылардын негизинде сиздер аралык финансылык маалымат [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү, анын ичинде эгерде финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынан айырмаланса, финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы чыккан өлкөнү же юрисдикцияны көрсөтүү] ылайык бардык олуттуу мамилелерде даярдалган эмес деп эсептөө максатында 20X1-жылдын 31-мартына карата АВС ишканасынын кыскартылган балансын жана аны менен байланышкан пайдалар жана зыяндар, өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жана ушул күнгө карата аяктаган үч ай ичиндеги акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө кыскартылган отчеттор сиздердин обзордук текшерүүңүздөргө байланыштуу берилди.

Биз [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү] ылайык аралык финансылык маалыматты даярдоо жана берүү үчүн өзүбүздүн жоопкерчилигибизди ырастайбыз.

Эгерде аралык финансылык маалымат ишенимдүү берүүнү камсыз кылууга багытталган финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык даярдалган жалпы багыттагы финансылык отчеттуулуктун толук топтомун камтыса, киришүү бөлүмү:

Жетекчиликтин билдирүүлөрү менен бул кат сиздер тараптан фактылар аныкталгандыгы же аныкталбагандыгы тууралуу тыянак түзүү максатында, бул фактылардын негизинде сиздер ушул аралык финансылык маалымат 20X1-жылдын 31-мартына карата АВС ишканасынын финансылык абалы, ошондой эле анын финансылык натыйжалуулугу жана акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө анык жана ишенимдүү түшүнүк бербейт (*же «бардык олуттуу мамилелерде туура чагылдырбайт»*) деп эсептеген, 20X1-жылдын 31-мартына карата АВС ишканасынын балансын жана аны менен байланышкан пайдалар жана зыяндар, өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жана ушул күнгө карата аяктаган үч ай

ISRE

ичиндеги акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчетторду [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү, анын ичинде эгерде финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынан айырмаланса, финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы чыккан өлкөнү же юрисдикцияны көрсөтүү] ылайык сиздердин обзордук текшерүүңүздөргө байланыштуу берилди.

Биз [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү] ылайык аралык финансылык маалыматты ишенимдүү берүү үчүн өзүбүздүн жоопкерчилигибизди ырастайбыз.

Бизде болгон бүтүндөй маалыматтын негизинде биз төмөнкү билдирүүлөрдү ырастайбыз:

- Жогоруда аталган аралык финансылык маалымат [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү] ылайык даярдалды жана берилди.
- Биз сиздерге бардык бухгалтердик регистрлерди жана ырастоочу документацияны, акционерлердин чогулуштарынын жана директорлор кеңешинин жыйналыштарынын бардык протоколдорун бердик (атап айтканда [тиешелүү күндү көрсөтүү] өткөрүлгөн).
- Бизге негизинде ушул аралык финансылык маалымат даярдалган бухгалтердик эсептин маалыматтарында тиешелүү түрдө чагылдырылбаган кандайдыр бир олуттуу операциялар айкын эмес.
- Бизге аралык финансылык маалыматка олуттуу таасир этиши мүмкүн болгон мыйзамдардын жана ченемдик актылардын талаптарынын иш жүзүндө же мүмкүн болгон сакталбаган учурлары айкын эмес.
- Биз ак ниетсиз иш-аракеттерди жана каталарды болтурбоо жана аныктоо үчүн ички контролдоо системасын иштеп чыгууга жана ишке киргизүүгө өзүбүздүн жоопкерчилигибизди ырастайбыз.
- Биз сиздерге ишканага таасир этиши мүмкүн болгон аныкталган же болжолдонуучу ак ниетсиз иш-аракеттерге тиешеси бар бардык маанилүү фактылар жөнүндө маалыматты ачып көрсөттүк.
- Биз сиздерге ак ниетсиз иш-аракеттердин айынан аралык финансылык маалыматтын олуттуу түрдө бурмаланышынын тобокелдиктерин өзүбүздүн баалообуздун жыйынтыктарын бердик.
- Биз тиркелген таблицада келтирилген оңдолбогон бурмалоолордун таасири жалпысынан аралык финансылык маалымат үчүн өз-өзүнчө да, жыйындысында да олуттуу эмес деп эсептейбиз.
- Биз байланышкан тараптарды аныктоо боюнча сиздерге берилген маалыматтын толуктугун ырастайбыз.

- Аралык финансылык маалыматта төмөнкүлөр тиешелүү түрдө чагылдырылган жана зарыл болгон учурларда тиешелүү түрдө ачып көрсөтүлгөн:
  - Байланыштуу тараптар менен операциялар, анын ичинде сатуулар, сатып алуулар, кредиттер, өткөрүп берүүлөр, ижара жана кепилдиктер жөнүндө макулдашуулар, байланыштуу тараптардан алынууга же байланыштуу тараптарга төлөнүүгө жаткан суммалар;
  - Жазуу жүзүндөгү же оозеки кепилдиктер, алар боюнча ишкананын шарттуу милдеттенмеси болот; жана
  - Мурда сатылган активдерди кайра сатып алууга макулдашуулар жана опциондор.
- Активдердин адилеттүү наркын баалоону жана милдеттенмелерди берүү жана ачып көрсөтүү [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү] ылайык аткарылды. Адилеттүү наркты баалоону аныктоо жана маалыматты ачып көрсөтүү үчүн колдонулган божомолдор ишкананын атынан биздин белгилүү бир иш-аракеттерди аткаруу ниетибизди жана жөндөмдүүлүгүбүздү билдирет.
- Бизде баланстык наркка же аралык финансылык маалыматта чагылдырылган активдердин жана милдеттенмелердин классификациясына олуттуу түрдө таасир этиши мүмкүн болгон пландар же ниеттер жок.
- Бизде продуктылардын топторунун чыгарылышын токтотуу пландары же ашыкча же эскирген запастардын пайда болушуна алып келүүчү башка пландар же ниеттер жок, ошондой эле эч кандай запастар сатуу баасынан ашкан суммада чагылдырылган эмес.
- Уюм бардык активдерге карата тиешелүү менчик укугуна ээ, ал эми ишкананын активдерине карата күрөө уруктары же оорлотуулар жок.
- Биз иш жүзүндөгү да, шарттуу да бардык милдеттенмелерди ойдогудай түрдө чагылдырдык же ачып көрсөттүк.
- [Алгачкы жолу колдонулуп жаткан бухгалтердик эсептин жаңы стандарттарына тиешелүү кошумча билдирүүлөрдү келтириңиз жана Аудиттин кандайдыр бир жаңы эл аралык стандарттарына ылайык зарыл болгон жана аралык финансылык маалыматка карата колдонулуучу кошумча билдирүүлөр тууралуу маселени карап чыгыңыз.]

Бизде болгон бүтүндөй маалыматка ылайык аралык финансылык маалыматты түзөтүү же андагы маалыматты ачып көрсөтүү талап кылынышы мүмкүн болгон отчеттук күндөн кийинки жана ушул каттын күнүнө чейинки мезгил ичинде окуялар орун алган эмес.

ISRE

______________________________

(Ишкананын жетекчиси)

______________________________

(Финансылык директору)

**4-тиркеме**

# Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча корутундулардын мисалдары

**Ишенимдүү берүүнү камсыз кылууга багытталган финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык жалпы багыттагы финансылык отчеттуулуктун толук топтому (43(i)-пунктун караңыз)**

Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутунду

(Тиешелүү даректелүүчү)

*Киришүү*

Биз 20X1-жылдын 31-мартына карата АВС ишканасынын тиркелген балансын жана пайдалар менен зыяндар, өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жана ушул күнгө аяктаган үч ай ичиндеги акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө аны менен байланышкан отчетторду, ошондой эле эсеп саясатынын негизги принциптерин жана башка түшүндүрүүчү эскертүүлөрдү обзордук текшерүү жүргүздүк[1] Жетекчилик [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү] ылайык ушул аралык финансылык маалыматты даярдоо жана ишенимдүү берүү үчүн жоопкерчилик тартат. Биздин жоопкерчилик биз жүргүзгөн обзордук текшерүүнүн негизинде ушул аралык финансылык маалымат жөнүндө тыянакты түзүүдө жатат.

*Обзордук текшерүүнүн көлөмү*

Биз «*Ишкананын көз карандысыз аудитору тарабынан аткарылуучу аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү*» обзордук текшерүүлөрдүн эл аралык стандарты 2410го ылайык обзордук текшерүү жүргүздүк.[2] Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү өзүнө суроо-талаптарды биринчи кезекте финансылык маселелерге жана бухгалтердик эсептин маселелерине жооптуу жактарга жөнөтүүнү, ошондой эле обзордук текшерүүнүн талдоо жана башка жол-жоболорун колдонууну камтыйт. Обзордук текшерүүнүн көлөмү

---

1 Аудитор аралык финансылык маалымат берилүүчү жөнгө салуучу же бирдей органды көрсөтүшү мүмкүн

2 Эгерде аралык финансылык маалыматтан айырмаланган өткөн мезгилдердеги финансылык маалыматты обзордук текшерүү жүргүзүлсө, бул сүйлөм төмөнкүдөй баяндалууга тийиш: «Биз ишкананын көз карандысыз аудитору жүргүзүүчү өткөн мезгилдердеги финансылык маалыматты обзордук текшерүүгө карата колдонулуучу Обзордук текшерүүлөрдүн эл аралык стандарты 2410го ылайык обзордук текшерүү жүргүздүк». Корутундунун калган бөлүмдөрүн жагдайларга жараша адаптациялоо керек.

ISRE

Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлүүчү аудиттин көлөмүнөн кыйла аз жана ошондуктан обзордук текшерүү бизге аудит процессинде аныкталышы мүмкүн болгон бардык маанилүү маселелер белгилүү болооруна ишеним алууга мүмкүнчүлүк бербейт. Андыктан, биз аудитордук пикирибизди билдирбейбиз.

*Тыянак*

Биз жүргүзгөн обзордук текшерүүнүн негизинде биз тиркелген аралык финансылык маалымат 20X1-жылдын 31-мартына карата ABC ишканасынын финансылык абалы, ошондой эле [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү, анын ичинде эгерде финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынан айырмаланса, финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы чыккан өлкөнү же юрисдикцияны көрсөтүү] ылайык көрсөтүлгөн күнгө карата аяктаган үч ай ичинде анын финансылык натыйжалуулугу жана акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө анык жана ишенимдүү түшүнүк бербейт (*же «бардык олуттуу мамилелерде туура чагылдырбайт»)* деп эсептешибиз үчүн негиз болуучу фактылар аныкталган жок.

АУДИТОР

Күнү

Дареги

**Башка аралык финансылык маалымат (43(j)-пунктун караңыз)**

Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутунду

(Тиешелүү даректелүүчү)

*Киришүү*

Биз 20X1-жылдын 31-мартына карата ABC ишканасынын тиркелген [кыскартылган] балансын жана алар менен байланышкан [кыскартылган] пайдалар жана зыяндар, өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жана ушул күнгө карата аяктаган үч ай ичиндеги акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчетторду обзордук текшерүү жүргүздүк.[3] Жетекчилик [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү] ылайык ушул аралык финансылык маалыматты даярдоо жана берүү үчүн жоопкерчилик тартат. Биздин жоопкерчилик биз жүргүзгөн обзордук текшерүүнүн негизинде ушул аралык финансылык маалымат жөнүндө тыянакты түзүүдө жатат.

*Обзордук текшерүүнүн көлөмү*

Биз «*Ишкананын көз карандысыз аудитору тарабынан аткарылуучу аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү*» обзордук текшерүүлөрдүн эл аралык стандарты 2410го ылайык обзордук текшерүү жүргүздүк.[4] Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү өзүнө суроо-талаптарды биринчи кезекте финансылык маселелерге жана бухгалтердик эсептин маселелерине жооптуу жактарга жөнөтүүнү, ошондой эле обзордук текшерүүнүн талдоо жана башка жол-жоболорун колдонууну камтыйт. Обзордук текшерүүнүн көлөмү Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлүүчү аудиттин көлөмүнөн кыйла аз жана ошондуктан обзордук текшерүү бизге аудит процессинде аныкталышы мүмкүн болгон бардык маанилүү маселелер белгилүү болооруна ишеним алууга мүмкүнчүлүк бербейт. Андыктан, биз аудитордук пикирибизди билдирбейбиз.

*Тыянак*

Биз жүргүзгөн обзордук текшерүүнүн негизинде биз тиркелген аралык финансылык маалымат [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү, анын ичинде эгерде финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынан айырмаланса, финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы чыккан өлкөнү же юрисдикцияны көрсөтүү] ылайык бардык олуттуу

[3] 1-шилтемени караңыз.

[4] 2-шилтемени караңыз.

ISRE

мамилелерде даярдалган эмес деп эсептешибиз үчүн негиз болуучу фактылар аныкталган жок.

АУДИТОР

Күнү

Дареги

**5-тиркеме**

# Финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясынан четтөө менен байланыштуу коюлган шарты бар тыянакты камтыган обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундулардын мисалдары

## Ишенимдүү берүүнү камсыз кылууга багытталган финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык жалпы багыттагы финансылык отчеттуулуктун толук топтому (43(i)-пунктун караңыз)

Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутунду

(Тиешелүү даректелүүчү)

*Киришүү*

Биз 20X1-жылдын 31-мартына карата АВС ишканасынын тиркелген балансын жана пайдалар менен зыяндар, өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жана ушул күнгө аяктаган үч ай ичиндеги акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө аны менен байланышкан отчетторду, ошондой эле эсеп саясатынын негизги принциптерин жана башка түшүндүрүүчү эскертүүлөрдү обзордук текшерүү жүргүздүк.[1] Жетекчилик [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү] ылайык ушул аралык финансылык маалыматты даярдоо жана ишенимдүү берүү үчүн жоопкерчилик тартат. Биздин жоопкерчилик биз жүргүзгөн обзордук текшерүүнүн негизинде ушул аралык финансылык маалымат жөнүндө тыянакты түзүүдө жатат.

*Обзордук текшерүүнүн көлөмү*

Биз Обзордук текшерүүлөрдүн эл аралык стандарты 2410 *«Ишкананын көз карандысыз аудитору тарабынан аткарылуучу аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүгө»* ылайык обзордук текшерүү жүргүздүк.[2] Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү өзүнө суроо-талаптарды биринчи кезекте финансылык маселелерге жана бухгалтердик эсептин маселелерине жооптуу жактарга жөнөтүүнү, ошондой эле обзордук текшерүүнүн талдоо жана башка жол-жоболорун колдонууну камтыйт. Обзордук текшерүүнүн көлөмү Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлүүчү аудиттин көлөмүнөн кыйла аз жана ошондуктан обзордук текшерүү бизге аудит

[1] 4-тиркеменин 1-шилтемесин караңыз.

[2] 4-тиркеменин 2-шилтемесин караңыз.

ISRE

процессинде аныкталышы мүмкүн болгон бардык маанилүү маселелер белгилүү болооруна ишеним алууга мүмкүнчүлүк бербейт. Андыктан, биз аудитордук пикирибизди билдирбейбиз.

*Коюлган шарты бар тыянак үчүн негиз*

Жетекчилик берген маалыматка ылайык АВС ишканасы ижара боюнча кээ бир милдеттенмелерди мүлктүн курамынан жана узак мөөнөттүү карыздан алып салды, алар биздин пикирибиз боюнча [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү] шайкештикти камсыз кылуу үчүн капиталдаштырылган. Бул маалымат эгерде 20X1-жылдын 31-мартына карата ижара боюнча бул милдеттенмелер капиталдаштырылган болсо, бул мүлктүн суммасынын _____ АКШ долларына, узак мөөнөттүү карыздын суммасынын _____ АКШ долларына көбөйүшүнө жана таза кирешенин жана акцияга пайданын суммаларынын ушул күнгө карата аяктаган үч айга тиешелүү түрдө _____ АКШ долларына, _____ АКШ долларына жана _____ АКШ долларына көбөйүшүнө (азайышына) алып келмектигин көрсөтүп турат.

*Коюлган шарты бар тыянак*

Мурдагы бөлүмдө баяндалган жагдайларды кошпогондо, биз жүргүзгөн обзордук текшерүүнүн негизинде [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү, анын ичинде эгерде финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынан айырмаланса, финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы чыккан өлкөнү же юрисдикцияны көрсөтүү] ылайык биз тиркелген аралык финансылык маалымат 20X1-жылдын 31-мартына карата АВС ишканасынын финансылык абалы, ошондой эле анын финансылык натыйжалуулугу жана ушул күнгө карата аяктаган үч ай ичиндеги акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө анык жана ишенимдүү түшүнүк бербейт *(же «20X1-жылдын 31-мартына карата АВС ишканасынын финансылык абалын, ошондой эле анын финансылык натыйжалуулугун жана ушул күнгө карата аяктаган үч ай ичиндеги акча каражаттарынын кыймылын бардык олуттуу мамилелерде туура чагылдырбайт»)* деп эсептешибиз үчүн негиз болуучу фактылар аныкталган жок.

АУДИТОР

Күнү
Дареги

**Башка аралык финансылык маалымат (43(j)-пунктун караңыз)**

Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутунду

(Тиешелүү даректелүүчү)

*Киришүү*

Биз 20X1-жылдын 31-мартына карата ABC ишканасынын тиркелген [кыскартылган] балансын жана алар менен байланышкан [кыскартылган] пайдалар жана зыяндар, өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жана ушул күнгө карата аяктаган үч ай ичиндеги акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчетторду обзордук текшерүү жүргүздүк.[3] Жетекчилик [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү] ылайык ушул аралык финансылык маалыматты даярдоо жана берүү үчүн жоопкерчилик тартат. Биздин жоопкерчилик биз жүргүзгөн обзордук текшерүүнүн негизинде ушул аралык финансылык маалымат жөнүндө тыянакты түзүүдө жатат.

*Обзордук текшерүүнүн көлөмү*

Биз Обзордук текшерүүлөрдүн эл аралык стандарты 2410 «*Ишкананын көз карандысыз аудитору тарабынан аткарылуучу аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүгө*» ылайык обзордук текшерүү жүргүздүк.[4] Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү өзүнө суроо-талаптарды биринчи кезекте финансылык маселелерге жана бухгалтердик эсептин маселелерине жооптуу жактарга жөнөтүүнү, ошондой эле обзордук текшерүүнүн талдоо жана башка жол-жоболорун колдонууну камтыйт. Обзордук текшерүүнүн көлөмү Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлүүчү аудиттин көлөмүнөн кыйла аз жана ошондуктан обзордук текшерүү бизге аудит процессинде аныкталышы мүмкүн болгон бардык маанилүү маселелер белгилүү болооруна ишеним алууга мүмкүнчүлүк бербейт. Андыктан, биз аудитордук пикирибизди билдирбейбиз.

*Коюлган шарты бар тыянак үчүн негиз*

Жетекчилик берген маалыматка ылайык ABC ишканасы ижара боюнча кээ бир милдеттенмелерди мүлктүн курамынан жана узак мөөнөттүү карыздан алып салды, алар биздин пикирибиз боюнча [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү] шайкештикти камсыз кылуу үчүн капиталдаштырылган. Бул маалымат эгерде 20X1-жылдын 31-мартына карата ижара боюнча бул милдеттенмелер капиталдаштырылган болсо, бул мүлктүн суммасынын _____ АКШ долларына, узак мөөнөттүү карыздын суммасынын

[3] See footnote 1 of Appendix 4.

[4] See footnote 2 of Appendix 4.

ISRE

_____ АКШ долларына көбөйүшүнө жана таза кирешенин жана акцияга пайданын суммаларынын ушул күнгө карата аяктаган үч айга тиешелүү түрдө _____ АКШ долларына, _____ АКШ долларына жана _____ АКШ долларына көбөйүшүнө (азайышына) алып келмектигин көрсөтүп турат.

*Коюлган шарты бар тыянак*

Мурдагы бөлүмдө баяндалган жагдайларды кошпогондо, биз жүргүзгөн обзордук текшерүүнүн негизинде биз тиркелген аралык финансылык маалымат [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү, анын ичинде эгерде финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынан айырмаланса, финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы чыккан өлкөнү же юрисдикцияны көрсөтүү] ылайык бардык олуттуу мамилелерде даярдалган эмес деп эсептешибиз үчүн негиз болуучу фактылар аныкталган жок.

АУДИТОР

Күнү

Дареги

# 6-тиркеме

## Белгисиз жетекчилик тарабынан көлөмдүн чектелишине байланыштуу коюлган шарты бар тыянакты камтыган обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундулардын мисалдары

**Ишенимдүү берүүнү камсыз кылууга багытталган финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык жалпы багыттагы финансылык отчеттуулуктун толук топтому (43(i)-пунктун караңыз)**

Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутунду

(Тиешелүү даректелүүчү)

*Киришүү*

Биз 20Х1-жылдын 31-мартына карата АВС ишканасынын тиркелген балансын жана пайдалар менен зыяндар, өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жана ушул күнгө аяктаган үч ай ичиндеги акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө аны менен байланышкан отчетторду, ошондой эле эсеп саясатынын негизги принциптерин жана башка түшүндүрүүчү эскертүүлөрдү обзордук текшерүү жүргүздүк.[1] Жетекчилик [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү] ылайык ушул аралык финансылык маалыматты даярдоо жана ишенимдүү берүү үчүн жоопкерчилик тартат. Биздин жоопкерчилик биз жүргүзгөн обзордук текшерүүнүн негизинде ушул аралык финансылык маалымат жөнүндө тыянакты түзүүдө жатат.

*Обзордук текшерүүнүн көлөмү*

Түшүндүрмөсү кийинки бөлүмдө берилген фактыларды кошпогондо, биз Обзордук текшерүүлөрдүн эл аралык стандарты 2410 «Ишкананын көз карандысыз аудитору тарабынан аткарылуучу аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүгө» ылайык обзордук текшерүү жүргүздүк.[2] Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү өзүнө суроо-талаптарды биринчи кезекте финансылык маселелерге жана бухгалтердик эсептин маселелерине жооптуу жактарга жөнөтүүнү, ошондой эле обзордук текшерүүнүн талдоо жана башка жол-жоболорун колдонууну камтыйт. Обзордук текшерүүнүн көлөмү

[1] 4-тиркеменин 1-шилтемесин караңыз.

[2] 4-тиркеменин 2-шилтемесин караңыз.

ISRE

Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлүүчү аудиттин көлөмүнөн кыйла аз жана ошондуктан обзордук текшерүү бизге аудит процессинде аныкталышы мүмкүн болгон бардык маанилүү маселелер белгилүү болооруна ишеним алууга мүмкүнчүлүк бербейт. Андыктан, биз аудитордук пикирибизди билдирбейбиз.

*Коюлган шарты бар тыянак үчүн негиз*

(Кайсы күнү болгонун көрсөтүү) болгон жана дебитордук карыз боюнча бухгалтердик жазуулар өрттөнүп кеткен филиалдагы өрт чыгуунун кесепетинен биз аралык финансылык маалыматка киргизилген жалпы суммасы _____ АКШ долларындагы дебитордук карызды текшерүүнү аяктай алган жокпуз. Ишкана ушул бухгалтердик жазууларды калыбына келтирүүдө жана ушул бухгалтердик жазуулардын негизинде жогоруда келтирилген сумма жана өнбөс бересе боюнча тиешелүү резерв ырасталаарын же ырасталбашын анык айта албайт. Эгерде бизде дебитордук карызды толук көлөмдө текшерүүгө мүмкүнчүлүк болсо, биз аралык финансылык маалыматка түзөтүүлөрдү киргизүү зарылдыгын көрсөтүүчү фактыларды аныктай алмакпыз.

*Коюлган шарты бар тыянак*

Эгерде жогоруда баяндалган окуя келип чыкпаганда, бизге белгилүү болушу мүмкүн болгон аралык финансылык маалыматтын түзөтүүлөрүн кошпогондо, [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү, анын ичинде эгерде финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынан айырмаланса, финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы чыккан өлкөнү же юрисдикцияны көрсөтүү] ылайык биз тиркелген аралык финансылык маалымат 20X1-жылдын 31-мартына карата АВС ишканасынын финансылык абалы, ошондой эле анын финансылык натыйжалуулугу жана ушул күнгө карата аяктаган үч ай ичиндеги акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө анык жана ишенимдүү түшүнүк бербейт (же «20X1-жылдын 31-мартына карата АВС ишканасынын финансылык абалын, ошондой эле анын финансылык натыйжалуулугун жана ушул күнгө карата аяктаган үч ай ичиндеги акча каражаттарынын кыймылын *бардык олуттуу мамилелерде туура чагылдырбайт*») деп эсептешибиз үчүн негиз болуучу фактылар аныкталган жок.

АУДИТОР

Күнү
Дареги

Башка аралык финансылык маалымат (43(j)-пунктун караңыз)

Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутунду

(Тиешелүү даректелүүчү)

*Киришүү*

Биз 20X1-жылдын 31-мартына карата ABC ишканасынын тиркелген [кыскартылган] балансын жана алар менен байланышкан [кыскартылган] пайдалар жана зыяндар, өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жана ушул күнгө карата аяктаган үч ай ичиндеги акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчетторду обзордук текшерүү жүргүздүк.[3] Жетекчилик [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү] ылайык ушул аралык финансылык маалыматты даярдоо жана берүү үчүн жоопкерчилик тартат. Биздин жоопкерчилик биз жүргүзгөн обзордук текшерүүнүн негизинде ушул аралык финансылык маалымат жөнүндө тыянакты түзүүдө жатат.

*Обзордук текшерүүнүн көлөмү*

Түшүндүрмөсү кийинки бөлүмдө берилген фактыларды кошпогондо, биз «*Ишкананын көз карандысыз аудитору тарабынан аткарылуучу аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү*» обзордук текшерүүлөрдүн эл аралык стандарты 2410го ылайык обзордук текшерүү жүргүздүк.[4] Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү өзүнө суроо-талаптарды биринчи кезекте финансылык маселелерге жана бухгалтердик эсептин маселелерине жооптуу жактарга жөнөтүүнү, ошондой эле обзордук текшерүүнүн талдоо жана башка жол-жоболорун колдонууну камтыйт. Обзордук текшерүүнүн көлөмү Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлүүчү аудиттин көлөмүнөн кыйла аз жана ошондуктан обзордук текшерүү бизге аудит процессинде аныкталышы мүмкүн болгон бардык маанилүү маселелер белгилүү болooруна ишеним алууга мүмкүнчүлүк бербейт. Андыктан, биз аудитордук пикирибизди билдирбейбиз.

*Коюлган шарты бар тыянак үчүн негиз*

(Кайсы күнү болгонун көрсөтүү) болгон жана дебитордук карыз боюнча бухгалтердик жазуулар өрттөнүп кеткен филиалдагы өрт чыгуунун кесепетинен биз аралык финансылык маалыматка киргизилген жалпы суммасы _____ АКШ долларындагы дебитордук карызды текшерүүнү аяктай алган жокпуз. Ишкана ушул бухгалтердик жазууларды калыбына келтирүүдө жана ушул бухгалтердик жазуулардын негизинде жогоруда келтирилген сумма жана өнбөс бересе боюнча

[3] 4-тиркеменин 1-шилтемесин караңыз.

[4] 4-тиркеменин 2-шилтемесин караңыз.

ISRE

тиешелүү резерв ырасталаарын же ырасталбашын анык айта албайт. Эгерде бизде дебитордук карызды толук көлөмдө текшерүүгө мүмкүнчүлүк болсо, биз аралык финансылык маалыматка түзөтүүлөрдү киргизүү зарылдыгын көрсөтүүчү фактыларды аныктай алмакпыз.

*Qualified Conclusion*

Except for the adjustments to the interim financial information that we might have become aware of had it not been for the situation described above, based on our review, nothing has come to our attention that causes us to believe that the accompanying interim financial information is not prepared, in all material respects, in accordance with [indicate applicable financial reporting framework, including a reference to the jurisdiction or country of origin of the financial reporting framework when the financial reporting framework used is not International Financial Reporting Standards].

АУДИТОР

Күнү

Дареги

**7-тиркеме**

**Финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясынан четтөө менен байланыштуу терс тыянакты камтыган обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундулардын мисалдары**

**Ишенимдүү берүүнү камсыз кылууга багытталган финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык жалпы багыттагы финансылык отчеттуулуктун толук топтому (43(i)-пунктун караңыз)**

Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутунду

(Тиешелүү даректелүүчү)

*Киришүү*

Биз 20X1-жылдын 31-мартына карата ABC ишканасынын тиркелген балансын жана пайдалар жана зыяндар, өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жана ушул күнгө аяктаган үч ай ичиндеги акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө аны менен байланышкан отчетторду, ошондой эле эсеп саясатынын негизги принциптерин жана башка түшүндүрүүчү эскертүүлөрдү обзордук текшерүү жүргүздүк.[1] Жетекчилик [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү] ылайык ушул аралык финансылык маалыматты даярдоо жана ишенимдүү берүү үчүн жоопкерчилик тартат. Биздин жоопкерчилик биз жүргүзгөн обзордук текшерүүнүн негизинде ушул аралык финансылык маалымат жөнүндө тыянакты түзүүдө жатат.

*Обзордук текшерүүнүн көлөмү*

Биз «*Ишкананын көз карандысыз аудитору тарабынан аткарылуучу аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү*» обзордук текшерүүлөрдүн эл аралык стандарты 2410го ылайык обзордук текшерүү жүргүздүк.[2] Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү өзүнө суроо-талаптарды биринчи кезекте финансылык маселелерге жана бухгалтердик эсептин маселелерине жооптуу жактарга жөнөтүүнү, ошондой эле обзордук текшерүүнүн талдоо жана башка жол-жоболорун колдонууну камтыйт. Обзордук текшерүүнүн көлөмү Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлүүчү аудиттин көлөмүнөн кыйла аз жана ошондуктан обзордук текшерүү бизге аудит процессинде аныкталышы мүмкүн болгон бардык маанилүү маселелер белгилүү болооруна

[1] 4-тиркеменин 1-шилтемесин караңыз.
[2] 4-тиркеменин 2-шилтемесин караңыз.

ISRE

ишеним алууга мүмкүнчүлүк бербейт. Андыктан, биз аудитордук пикирибизди билдирбейбиз.

*Терс тыянакты билдирүү үчүн негиз*

Ушул мезгилден тартып ишкананын жетекчилиги туунду уюмдардын финансылык отчеттуулугун топтоштурууну токтотту, анткени топтоштуруу, жетекчиликтин пикири боюнча, жаңы маанилүү контролдонбогон үлүш катышуусу болгондугуна байланыштуу талап кылынбайт. Мындай чечим [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү, анын ичинде эгерде финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынан айырмаланса, финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы чыккан өлкөнү же юрисдикцияны көрсөтүү] шайкеш келбейт. Эгерде топтоштурулган финансылык отчеттуулук даярдалса, анда ушул аралык финансылык маалыматтагы дээрлик ар бир эсеп кыйла айырмаланып турмак.

Терс тыянак

Биздин аралык баяндамабыз буга чейинки бөлүмдө көрсөтүлгөндөй ишкананын туунду ишканаларга инвестициялары топтоштурулган негизде эске алынбагандыгына байланыштуу ушул аралык финансылык маалымат [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү, анын ичинде эгерде финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынан айырмаланса, финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы чыккан өлкөнү же юрисдикцияны көрсөтүү] ылайык 20X1-жылдын 31-мартына карата АВС ишканасынын финансылык абалы, ошондой эле анын финансылык натыйжалуулугу жана ушул күнгө карата аяктаган үч ай ичиндеги акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө анык жана ишенимдүү түшүнүк бербей тургандыгын (же «20X1-жылдын 31-мартына карата АВС ишканасынын финансылык абалын, ошондой эле анын финансылык натыйжалуулугун жана ушул күнгө карата аяктаган үч ай ичиндеги акча каражаттарынын кыймылын *бардык олуттуу мамилелерде туура чагылдырбай тургандыгын*») көрсөтүп турат.

АУДИТОР

Күнү
Дареги

Башка аралык финансылык маалымат (43(j)-пунктун караңыз)

Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутунду

(Тиешелүү даректелүүчү)

*Киришүү*

Биз 20X1-жылдын 31-мартына карата АВС ишканасынын тиркелген [кыскартылган] балансын жана алар менен байланышкан [кыскартылган] пайдалар жана зыяндар, өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жана ушул күнгө карата аяктаган үч ай ичиндеги акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчетторду обзордук текшерүү жүргүздүк.[3] Жетекчилик [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү] ылайык ушул аралык финансылык маалыматты даярдоо жана берүү үчүн жоопкерчилик тартат. Биздин жоопкерчилик биз жүргүзгөн обзордук текшерүүнүн негизинде ушул аралык финансылык маалымат жөнүндө тыянакты түзүүдө жатат.

Обзордук текшерүүнүн көлөмү

Биз Обзордук текшерүүлөрдүн эл аралык стандарты 2410 «*Ишкананын көз карандысыз аудитору тарабынан аткарылуучу аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүүгө*» ылайык обзордук текшерүү жүргүздүк.[4] Аралык финансылык маалыматты обзордук текшерүү өзүнө суроо-талаптарды биринчи кезекте финансылык маселелерге жана бухгалтердик эсептин маселелерине жооптуу жактарга жөнөтүүнү, ошондой эле обзордук текшерүүнүн талдоо жана башка жол-жоболорун колдонууну камтыйт. Обзордук текшерүүнүн көлөмү Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлүүчү аудиттин көлөмүнөн кыйла аз жана ошондуктан обзордук текшерүү бизге аудит процессинде аныкталышы мүмкүн болгон бардык маанилүү маселелер белгилүү болооруна ишеним алууга мүмкүнчүлүк бербейт. Андыктан, биз аудитордук пикирибизди билдирбейбиз

*Терс тыянакты билдирүү үчүн негиз*

Ушул мезгилден тартып ишкананын жетекчилиги туунду ишканалардын финансылык отчеттуулугун топтоштурууну токтотту, анткени топтоштуруу, жетекчиликтин пикири боюнча, жаңы маанилүү контролдобогон үлүш катышуусу болгондугуна байланыштуу талап кылынбайт. Мындай чечим [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү, анын ичинде эгерде финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынан айырмаланса, финансылык

[3] 4-тиркеменин 1-шилтемесин караңыз.

[4] 4-тиркеменин 2-шилтемесин караңыз.

ISRE

отчеттуулукту даярдоонун концепциясы чыккан өлкөнү же юрисдикцияны көрсөтүү] шайкеш келбейт. Эгерде топтоштурулган финансылык отчеттуулук даярдалса, анда ушул аралык финансылык маалыматтагы дээрлик ар бир эсеп кыйла айырмаланып турмак.

*Терс тыянак*

Биздин аралык баяндамабыз буга чейинки бөлүмдө көрсөтүлгөндөй ишкананын туунду ишканаларга инвестициялары топтоштурулган негизде эске алынбагандыгына байланыштуу ушул аралык финансылык маалымат [финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясын көрсөтүү, анын ичинде эгерде финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынан айырмаланса, финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясы чыккан өлкөнү же юрисдикцияны көрсөтүү] ылайык бардык олуттуу мамилелерде даярдалган эместигин көрсөтүп турат.

АУДИТОР

Күнү

Дареги